С кырг
Н 90

АЛМАЗ НУРДИНОВ

# РАХМАНКУЛ АКЫРКЫ ХАН



Формуляр книги

Скорг. 473653
Н 90 Нурдинов А.
Рахманкул
акыркы х

аб Скорг.
Н 90



АЛМАЗ
НУРДИНОВ

РАХМАНКУЛ
ХАНДЫН
100
ЖЫЛДЫГЫНА
КАРАТА

3-КИТЕП

ДАРЕКТҮҮ
БАЯН

# РАХМАНКУЛ АКЫРКЫ ХАН

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ [illegible]БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 473653

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

*Мен бул китебимди инилерим*
*Улукбектин жана Таалайбектин*
*50 жылдык маарекелерине белек*
*катары сунам!*

УДК 821,51
ББК084 КИ 7-4
Н - 90

Башкы редактору: **Жапаркул Ташиев,** КРнын Журналисттер союзунун мүчөсү, коомдук ишмер.

Н - 90 **Рахманкул Хан – Акыркы Хан:** даректүү баян. **Нурдинов Алмаз.** – Ош, 2012. - 88 б.

ISBN 978-9967-03-687-1

*Белгилүү патриот журналист Алмаз Нурдиновдун «Рахманкул Хан – акыркы Хан» деген китеби документалдуу-тарыхый чыгарма болуп эсептелет. Анда памирлик кыргыздардын Оганстандагы жана Түркиядагы жашоо-тагдыры, өз элин сактап калуу максатында Рахманкул Хандын өмүрүнүн аягына чейин жүргүзгөн иштери жөнүндө баяндалган. Ал Рахманкул Хандын тарыхын изилдөө үчүн Тажикстанда, Оганстанда, Түркияда болгон. Автор Рахманкулдун акыркы Хан болгондугун ишенимдүү тастыктаган.*

Н 4702300100-11

ISBN 978-9967-03-687-1

УДК 821,51
ББК 84 КИ 7-4
© Нурдинов А., 2012-жыл.





## Өз элинин патриоту жана чыгаан инсан

«Рахманкул Хан – акыркы Хан» деп аталган китеп белгилүү патриот журналист жана публицист Алмаз Нурдиновдун документалдуу тарыхый чыгармасы. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында жазмыштын буйругу менен ар кандай тарыхый кырдаалдарга байланыштуу Памир тоолорунун арасында качып-бозуп барып жашап калышкан оогандык кыргыздарга автор эң биринчи болуп чыйыр салган.

Ал улутташтарыбыздын оор жашоо шарты менен жакындан таанышып, элдин арызмуңун, көксөөсүн, тилегин өз көзү менен көрүп, кулагы менен угуп кайткан. Айрым тарыхый инсандар менен жолугуп сүрөткө да түшкөн. Автор алгач памирлик кыргыздар кандай тарыхый кырдаалда Памирге көчүп келишкенине токтолот. Чыгармада Рахманкул Хан Ооган мамлекетинин башчысы Закир шахтын буйругу менен кантип бүткүл памирлик кыргыздардын ханы болуп дайындалышы, ага берилген ыйгарым укуктар так жана таасын жазылган. Автор Рахманкул Хандын башка мамлекеттердин Өкмөт башчылары менен болгон өз ара мамилелерин, эл аралык мамилелерди жакшыртууга болгон иш-аракеттерин, памирлик кыргыздардын бүтүндүгүн, көз карандысыздыгын ыйык сактоого, элдин бакубат жашоосун камсыздоого, жаштарды илимбилимге, цивилизацияга жеткирүүгө көргөн камкордугун ачып берген.

Автор Ооган мамлекетинде төңкөрүш болуп бийлик алмашканда, Рахманкул Хандын жеке керт башына коркунуч келип турганда,

ал өз элин таштабай Пакистан мамлекетинин Өкмөт башчыларына кайрылып, элин өзү менен кошо көчүрүп кетиши, Пакистандын ысык климаттык шартында памирлик кыргыздардын көп чыгымга учурашы, айласыздан Рахманкул Хан Түркия мамлекетинин, Америка Кошмо Штаттарынын башчыларына кайрылып памирлик кыргыздарга климаттык шарты туура келе турган тоолуу жерди бөлүп берүүнү суранышы, натыйжада Америкага эмес Түркиянын Ван шаарына жакын тоолуу аймакка көчүрүлүшү, ал аймак Рахманкул Хандын өтүнүчү менен Улуу Памир деп аталышы, акырында Рахманкул Хандын керээзинин өзүнүн тажиясында окулуп жарыяланышы Рахманкул Хан өз элин сүйгөн, элинин көз карандысыздыгын камсыз кылууга өмүр бою күрөшкөн патриот инсан экендигин көрсөтө алган, анын негизги максатын, тилегин, ой мүдөөсүн ачып бере алган.

Албетте памирлик кыргыздар тууралуу дүйнөлүк адабиятта гана эмес, өзүбүздүн кыргыз адабияттарында маалыматтар жокко эсе, болсо да сейрек, чачкын учурайт.

«Рахманкул Хан – акыркы Хан» китебинин жарык көрүшү памирлик кыргыздардын тарыхын изилдөөчүлөргө, студенттерге, жалпы эле кызыккан окурмандарыбызга даректүү баалуу маалымат берет. Анткени, автор бул чыгарманы жазууда памирлик кыргыздарды өз көзү менен көрүп, көптөгөн тарыхый инсандар менен өзү аңгемелешип кайткан. А. Нурдинов буга чейин оогандык кыргыздар жана ошол оогандык кыргыздардын Түркияга өтүп кеткендеринин абалдары тууралуу тарыхый китебин чыгарган.

Авторго кааларым, ылайым калемиң курчуп, талантың ташып, бөтөн элде зарыгып, кыргыз элин сагынып, жерин көрө албай эңсеп жүргөн улутташтарыбыздын көйгөйүн, ой-санаасын, тилегин кыргыз элине, өкмөт башчыларына, жалпы дүйнө коомчулугуна талыкпай жеткирип жүрө бер. Бул патриоттук ишинди урпактар эч качан унутпайт.

Ылайым өзүңдү жараткан өзү, Рахманкул Хандын арбагы колдоп жүрсүн. Чыгармачылык жолуң шыдыр болсун, аман бол!

***Абды Омокеев,***
***тарыхчы, коомдук ишмер***





## Акыркы Хан



**Ушул Ак зоого Рахманкул Хандын ысымы ыйгарылган**

Тажикстандын Мургап аймагында эки чоң уруу бар. Кесек уруусу XIX кылымдын аягында Мургап аймагынын Али-Чур тарабын, андан нары бийик тоолуу Чоң-Памирди жайлашкан.

Ал эми тейит уруусу Ыраң-Көл, Токтомуш, Ак-Таш деген жерлерин ээлеген. Ак-Таштан ары Кичи-Памирге да жайлоого чыгып, көнүп калышкан.

Жергиликтүү карыялардын айтуусуна караганда ата-бабалары XVIII кылымдын аягында, Алай аймагынан жайыт которуп жүрүп барып калышкан. Кийинкилери Кичи-Памирге, Чоң-Памирге 1920-жылдан кийин Совет бийлигинен чочулап биротоло өтүп кетишкен.

Санжырачылар Мургап аймагындагыларды Сары-Кол кыргыздары деп да аташат. Мурун Нургап деп аталчу. Себеби, тоолуу аймакка эрте менен күн нуру бирдей чачырап, бүтүндөй чоң аймакты күндүн нуру каптап турчу экен. Ошондон улам Нургап деп аталыптыр. Мургап деген сөз эмнегедир кийин пайда болуптур…

1895-жылы эч кандай «чек ара» дегенди билбеген Сары-Колдуктар жаман кабар угушту. «Чек ара тосулат имиш, элди эки тарапка өткөрбөйт экен» деген сөз эл ичине дуу тарап кетти.

1895-жылдын 27-февралында «Калк айтса калп айтпайт» дегендей, чын эле Россия менен Англиянын өз ара бүтүмү боюнча Памирдин түштүгүндөгү кыргыздар экиге бөлүнүп, бир тарабы Россияга, экинчи тарабы Ооганстанга баш ийип калды.

Бирок, чек ара бөлүнгөндөн кийин деле мамлекеттер тарабынан жайытты ижарага алып пайдалануу уруксаты болгондугунун негизинде Ооганстан тараптагы Памирде калып калган кыргыздар Россиялык Памир (азыркы Тажикстандын Мургап аймагы) тарап менен байланышын үзбөй, мурункудай эле жашап турушту.

Мургаптыктар менен Ооганстанга карап калган Памирликтер Кашкар, Бадахшан менен алыс экендигине карабай турмуштук зарылчылык боюнча соода байланыштарын жүргүзүп турушкан. Памирлик кыргыздар ал тарапка мал, топоз, кой-эчкилерди айдап, кербен менен барышса, Кашкардан, Бадахшандан соодагерлер өздөрү ар түрдүү буюмдарды, товарларды, азык-түлүктөрдү алып келишчү. Албетте, алыска жол жүрүп, соодагѐрлик кылуу абдан катаал жана татаал болгон. Узак жолдо каракчылар, жырткычтар капысынан кол салып турган. Ошондуктан, соода байланыштарын бардык эле адамдар жүргүзө алышкан эмес. Ал үчүн элге катуу, эр жүрөк адамдар гана башка өлкөлөргө барып, жалпы элдин кызыкчылыгы үчүн соода-сатык иштерин жүргүзгөн. Мургап аймагында ошондой белгилүү адамдардын бири Жапаркул миңбашы болуучу. Ал Кытайга, Пакистанга, Ооганстандын Бадахшан аймагына жылына жок дегенде эки жолу кербенди жетектеп барчу.

1913-жыл. Август айында жайыттар саргайып, күз башталды. Жапаркул миң башы экинчи аялынын кош бойлуулугуна карабастан, жубайынын «Жанымда турсаңыз жакшы болот эле» деген өтүнүчүн да эске албай Кытайга «Кудаа каалап, жол берсе бир айга жетпей келип калаарбыз» деп кербенин айдатты. Себеби, аймактагы көзү ачыктардын айтуусуна караганда быйыл кыш эрте түшөт экен. «Демек, кыш камын эртерээк көрүп алуу зарыл» деп чечти миңбашы. Ошентип, он миңдей кой, эки миңдей топоз айдатып, Мургап аймагындагы элүү белгилүү чабандестерди, эр





сайышка түшүп жүргөн атактуу балбан жигиттерди ээрчитип, алыскы Кытайга жол тартты.

Арадан 20 күндөй убакыт өткөн соң Жапаркул миңбашынын кербени Кытайдын Кашкарынан кайра артка кайтты. Малдын баары сатылып, өздөрүнө зарыл азык-түлүктү, товарларды, буюмдарды сатып алышып, төөгө, топоздорго жүктөшүп, көңүлдөрү көтөрүңкү келатышты. Соода-сатык иштери ойдогудай болду.

Түшкө жакын кербен Россияга карап калган Ак-Таш айылына өттү. Боз атчан, суусар тебетей кийген сөөлөттүү мырза топтун ортосунда келатты. Ал Жапаркул миңбашы болучу. Бул сапар ал мурдагыдай кербенчилерди жолдо көп тыныктырган жок. Мүмкүн болушунча тез жүрүштү.

Кытайдан өздөрүнүн аймагына өткөндөн кийин жолдо түнөштү. Ошол түнү Жапаркул миңбашы түш көрдү. Түшүндө жолдон кылыч таап алды. Колуна алса, күн нуруна чагылышып жалтылдайт. «Курч экен» дейт кубанып. Кылычты абага булгаласа шуулдаган добуш чыгат. Ошол мезгилде аттардын кошкурганынан улам ойгонуп кетти. Эс-учун жыйган соң дароо малдаш токунуп отура калып, ичинен келме келтирип: «Кылыч тапканым уулдуу боло турганым, күн нуруна чагылышып жалтылдаганы уулумдун атактуу, чыгаан инсан боло тургандыгы, курчтугу уулумдун намыскөй, эл башкарган акылдуу, амалдуу инсан боло тургандыгы, кылычтын шуулдаганы душмандарын дайыма жеңе тургандыгы оомийин!» -деп бата кылды.

Ошондон бери жолдо ат откозгондору эле болбосо дээрлик токтошкон жок. Күн-түнү жол жүрүштү. Бирок, ички сырын миң башы жанындагыларга айткан жок. Тигине, Мургаб көрүндү. Ак-Суу дайрасы агып жатат шарылдаган күү салып. Тээ алыста ат чап бирөө келатат. Чаңы асманга бурулдайт. Жапаркул миңбашы:

- Ким анавы? – деди.

- Таанылбайт го, - дешти жанындагылар. «Деги, тынчылык болсо экен» - деди миңбашы ичинен келме келтирип. Оюна жамандык келе түштү. «Эмне, айылда бирөө өлгөнбү? Ким?» Аңгыча үзүк-үзүк чыккан үн угулду.

- Сүйүнчү! - деп жатат - деди жанындагы жигиттерден бирөө кубана сүйлөп. Атчан да жакындап калды.

-Абдылда тура! – дешти баары аны таанышып.

-Сүйүнчү-ү, сүйүнчү-ү - деди атчан колун булгалап.

-Болсун, болсун, - дешти атчандар.

-Сүйүнчү, миң башы сүйүнчү, уулдуу болдуңуз! – деди Абдылда. Ал топко жете бербей атын токтотуп, жерге ыргып түшө калды да:

-Ассалоому алейкумдар, эсен-аман келдиңиздерби? – деди оң колун көкүрөгүнө коюп. Миңбашы жашып кетти. «Түшүм оң болду, эми кийинкисин берсин кудай» деди ичинен.

-Жакшы кабарыңа ыракмат, Абдылда! Сүйүнчүңө ат алгын! Ушул ат сеники! – деди жанында жүк артылган тору кашка атты колу менен жаңсай көрсөтүп.

-Жүктү түшүргүлө! – деди миңбашы. Жигиттер аттан жүктү түшүрүшүп тизгинди миңбашыга кармата коюшту. Жапаркул боз атынан түшүп, тору кашканын тизгинин Абдылдага өз колу менен берди.

-Таңгакты чечкиле! – деди жигиттерди карап. Шалчага оролгон маталарды ачтырып топ-тобу менен алып Абдылдага өзү берди.

-Жакшы кабарыңа кулдугум бар. Тору атты өзүң минип жүр, буларды бала-чакаңа бер – деп кучак-кучак кездемелерди тартуулады.

Кашкардан келаткандардын баары миңбашынын марттыгына ыраазы болуп калышты. «Абдылдага кудай берди» деп жатышты. Анткени ал колунда бир атынан башка эч нерсеси жок кембагал болучу. Топ-тобу менен берилген маталардын арасында жибек, баркут, шайы, крепдешин бар эле.

-Бизге да сүйүнчү бериңиз, миңбашы!- дешти жанындагылар чын дилдеринен кубанышып.

-Силерге семиз жылкыларды жетээрибиз менен сойдуруп берем- деди миңбашы атына минип жатып.

-Ыракмат, миңбашы, ыракмат! – деди мынчалыкты күтпөгөн Абдылда.

-Сага ыракмат. Тору кашканы минип, өз атыңды жетелеп ал. Узактан чаап келип, чарчатып алыпсың, - деди Жапаркул миңбашы шаңдана сүйлөп.

-Сиздерди кечээ жеңем төрөгөндөн кийин эле аксакалдардын айтуусу боюнча кырдын (тоонун) башына чыгып карааныңыздарды карап жаттым. Бүгүн күн көтөрүлгөн маалда





көрүнүп калдыңар. Аксакалдардан уруксат алып эле атыма минип, «чү» дедим.

Абдылданын кубанычы ичи-койнуна батпай Жапаркул миңбашыга айылдагы жаңылыктарды биринен сала бирин айтып жанаша бастырып келатты.

Миңбашынын жанындагы бектер «Карасаң, мунун теӊ бастырып калганын» деп өөн көрүштү. Бирок, миңбашыдан айбыгышып, эч кимиси сөз айта албады. Азыркы учурда Абдылдага бирөө сөз айтса, аны миңбашы кагып коерун бектердин баары сезип турду. «Жолдо көп тыныктырбай, эмне эле шаштырат десе миңбашы аялынын төрөөрүн билген тура», деп ойлошту кыйды бектер.

Жапаркул миңбашы тейиттен тараган кочкор уруусунан. Өзүнүн жакын туугандары менен Мургабдын төр жагындагы Тамчы-Булак айылында туруучу. Айылга түш оогондо шашыла жетип келишкенден кийин Кашкардан алып келген маталарын сүйүнчү сурагандарга таркатып берди. Эки семиз жылкы, топоз, кой сойдуруп элди чакырып той берди. Уулунун атын өзү Рахманкул коюп, элден бата алды.

1922-жыл. Россияда Октябрь төңкөрүшү болгонуна 5 жыл өттү. Кийинки эки жылдын ичинде Алай тараптан ар кандай каңшаарлар угула баштады. «Алайда байлардын малын алып, өздөрүн камаптыр», «Баланча байды атыптыр», «Совет аскерлери Мургабга келатыптыр» деген имиштер көбөйүп кетти.

Мургабдагы аттуу-баштуу аксакалдар, бектер, билермандар, байлар өз ара кеңешишип, заман тынчыганча 1895-жылдан бери Ооганстанга караштуу болуп калган, бирок эзелтеден бери, тагыраак айтканда XVIII кылымдан бери ата-бабалары мал жайып, көчүп-конуп эле жүргөн Кичи-Памирдин ак карлуу тоолорунун арасына өтүп кетүүнү чечишти. Чынында эле Россияда Октябрь революциясынан кийин бай жашаган адамдарга мамиле ырайымсыз болгондугу тарыхтын барактарында жазылуу.

1922-жылдын август айында «Кар жаай электе жетип алалы» деп, жаңы бийликтин Алай тараптан келаткан куралдуу аскерлеринен корккон эл түп көтөрүлө качып Россиянын карамагындагы Мургаб аймагынан Ооганстандын Памирине өтүп кетишти. Айрым гана алыскы айылдагылар калып калбаса, калктын басымдуулугу Ооганстан тарапка ооп кетти.

Жапаркул миңбашы эл менен кошо балдарын, туугандарын малы менен көчүрүп Ооганстандын Кичи-Памириндеги Мүлк-Али деген айылына барып отурукташты. Баргандан кийин туулуп-өскөн жерлери Мургаб тарапка күн сайын кулак түрүп турушту. Арадан көп өтпөй кээ бир калып калган байларды, билермандарды Совет аскерлери камакка алгандыгын, атышуу болгондугун угушту. Аны уккан соң, «Мургабка кайра кайтаарбыз» деген ойлорунан биротоло түңүлүштү.

1922-жылы августта Жапаркул миңбашы Ооганстандын Кичи-Памирине өткөндө уулу Рахманкул 9 жаштагы бала эле. Ал жашынан эле тиригарак чыкты. «Көз тийбесин» деп, атасы дайыма тумар тактырды. Жыйындарга уулун ээрчитип барчу. «Жашынан элге аралашсын, каада–салтты үйрөнсүн» деген ойдо болду.

Баягы 1913-жылы саратандын аягында Кашкардан кербен менен келаткандагы түшү такыр эсинен чыкчу эмес. «Куда кааласа ушул уулумдан бирдеме чыгат», деп койчу кез-кезде. Рахманкул өзү теңдүү балдарга караганда бойлуу болду. Таштарга теше менен жаныбарлардын сүрөтүн тартууну жакшы көрчү. Атасы элдик уламыштарды айтып берчү. Топозду үйрөткөндү 13 жашында баштады. Айылдагы өзүнөн жашы чоң агалары менен ууга чыгууну өзгөчө жакшы көрчү. Улак чаап, эңишке түшчү. Атасынан «туулган жерибиз Мургабка качан кетебиз, мен Тамчы-Булак айылыбызды сагындым» деп көп суроочу. Атасы туулган жерин сагынган уулуна ыраазы боло:

- Азырынча күтө туралы. Азыр барсак Совет аскерлери бизди камап салат же атып таштайт. Сен Мургапта туулуп-өстүң. Мен Алайда туулуп-өскөмүн. Сенден жашыраак бала кезимде атам туугандары менен Алайдан Мургапка жайлоого чыгып жүрүп кийин биротоло калып кетишиптир. Ушуларды билип ал. Ата-тегиң Алайдан болот уулум. Алайды бир көрүүгө мен да куштармын – деп айтчу. Рахманкул туулган жерине кайта алышпагандарына ызаланчу.

Жапаркул миңбашынын 3 аялы болгон. Биринчи аялынан Маматкабыл деген уулу бар. Экинчи аялы Ыраң-Көлдүк сары тейит уруусундагы Кудайберген ажынык кызы болгон. Ушул аялынан Рахманкул жана Мария менен Жалил төрөлдү. Үчүнчү аялынан болсо Субанкул, Зуура, Пазыл төрөлгөн. Пазылы жашында чарчап калган.





1930-жылы Рахманкул 17 жашка чыгып эңиш-күрөшкө түшүп, жигит ээрчитип эл арасына таанылып калды. Ошол жылдарда СССР-Ооган чек арасы мурункудай болбой Совет чек арачыларынын катуу көзөмөлүндө боло баштады. Алар Памирдеги кыргыздардын аттуу-баштууларын, билермандарын куугунтуктай башташты. Чек арадан ары-бери өтүүгө болбой калды. Өтүүгө аракет кылгандар ың-жыңсыз жоголо башташты. Ошентип чек арадан өтмөк тургай жакындап барбай калышты.

1930-жылдардын орто чендеринде Рахманкулду Мургап аймагында калып кеткен туугандары аркылуу Советтик чекисттер Мургапка чакырып, жергиликтүү милиционер болуп иштөөсүн сунуш кылышкан. Адегенде ал «Эмнеси болсо да Мургап туулган жерим эмеспи» деп макул болгон. Арадан бир топ мезгил өткөн соң милиция кызматынын аткарган иштери ага жаккан эмес. Биринчиден, бирөөлөрдү каматып, алыскы Россияга сүргүнгө айдатууну каалабады жана мындай маселелерге аксакалдарды аралаштырбагандары жакпады, экинчиден, партиялык кызматкерлерге баш ийгиси келген эмес, үчүнчүдөн далай белгилүү мырзаларды жок кылып жиберген Совет бийлигине кызмат кылууну каалаган жок. Ошентип, ал Мургапты таштап, Кичи-Памирге кетип калган.

1943-жылы августта Жапаркул миңбашы Аравияга ажыга барып келгенине 11 жыл толгондо оорусунан оңоло албай ааламдан өттү. Бул жылдарда Рахманкул Памирдеги кыргыздарга атасынын кадыры жана өзүнүн шамдагайлыгы, айлакерлиги, балбандыгы, курчтугу менен таанылып, 30 жашка толуп, биринчи аялынан балалуу болбой ажырашып, экинчи аялы Эркебүгө үйлөнүп, үйжайлуу болуп, тун уулу Абдувакил 5 жашка чыгып калган эле.

Рахманкул атасынын ариетин туугандары менен кеңешип, бүт Ооганстандагы атасын тааныган белгилүү адамдарга кабар айттырды. Атасынын Памирдеги кыргыздарга таасири чоң болчу. Эл көп келди. Орундуу кеп сөзү, жөн билгилиги жана атасынын ариетин каада-салты менен өткөргөнү Рахманкулду Ооганстандын элине дагы бир жолу таанытты. Мурун сыртынан угуп жүргөндөр «Жапаркул миңбашы өлбөптүр, артында бычакка сап боло турган уулу калыптыр» деп ак баталарын берип кетишти.

1943-жылы атасы ааламдан өткөндөн кийин Рахманкул Памирдеги ар кандай маселелерге такай кошула баштады. Аксакал-

дар жакшы чыкма уулду жыйынга өздөрү чакырып, атасынын ордуна бийликке аралаштырышты.

Ошол жылдарда Ооганстан мамлекети аскерге Памир аймагынан жаштарды алмак болду. Ар кимиси ар кандай жоромолдошту. Аскер маселеси боюнча Кичи-Памирдин кариядары (эл башкаруучусу) Сартбай жыйын өткөрдү. Ал Ооган мамлекетинин сунушуна макул болууга элди үндөдү. Ага элдик жыйын ортолоп калганда Рахманкул элдин көзүнчө сунушун билдирди.

- Кариядар, Ооганстандын Памирден башка аймагы климат жагынан ысык. Аны жакшы билесиз. Биздин Памирликтер суук жерде жашагандыктан ысыкка чыдай албайт, өлүп калат. Ушуну Ооган мамлекетинин бийлик башындагыларга түшүндүрүп кат жазбайлыбы, - деди.

-Ысыкка чыдабайт, аскерге адам бербейбиз деп кантип айтабыз. Койсоңчу, болбогон сөздү, - деп колун силкип ийди Сартбай кариядар.

-Анда сиз өзүңүз балаңызды жөнөтө бериңиз, – деди Рахманкул тартынбай.

-Аскерге барса жалчылар барып келээр. Сен эмне эле каршы болуп жатасың! – деди Сартбай заарканa тиктеп. Жыйынга келген эл Сартбайдын бул сөзүнө катуу ыза болуп бир-бирден таркап кетишти.

Рахманкул да эч ким менен коштошпой жоро-жолдоштору менен айлына кайтты. Сартбайга катуу ыза болду. «Кариядар болгон сенин... ,эл буга ишенип бийликти берсе, мунун сүйлөгөнүн кара» деди ачууланып. Аялынын «Олтуруп тамак ичиңиз» дегенине жооп бербей, түнөрүп, боз үйдөн чыгып кошуна жашаган жакын тууганы Абдылдага барды.

-Абдылда, кариядардын сөзүн уктуң, эми эмне кылабыз? – деди.

-Билбей калдым...

-Аскерге адам бергенде болбойт. Ооганстандын мамлекети азыр алса кийин да ала берет. Ошого үйрөнөт, ысык жакка барганда Памирдин суук жеринде чоңойгон жигиттер өлүмгө дуушар болот. Кабулга кат жазалы, түшүндүрөлү.

-Кариядардын ишин биз аткаралыбы?

-Эл үчүн аткарсак эмне болмок эле?

-Ал каршы болуп жатпайбы!





-Койчу ошону! Бол, атыңды минип, балбандардан ээрчит! Аны ушул жерге байлап келип түшүндүрөбүз!

Абдылда Рахманкулдун чын айтып жатканын же тамашалап жатканын түшүнбөй таңыркап калды.

-Эмне, коркуп жатасыңбы?

-Жок, эмнеден корком, сен чын айтып жатсаң аны байлап келүүнү мага эле кой, - деди Абдылда.

-Чын айтып жатам! Байлап, алып кел мында. Элди чакырып, ачык сүйлөшөлү аны менен! – деди Рахманкул өктөм сүйлөп.

-Болуптур-деди Абдылда.

Абдылда да Рахманкул сыяктуу балбандыгы, курчтугу менен эңиш-күрөштөргө түшүп элге таанылып калган жигиттерден эле. Ал айылдагы инилеринен он балбан жигитти ээрчитип, Сартбайды кармап келүү үчүн анын айылына аттанып жөнөштү.

Арадан үч саат өтпөй алар кариядар Сартбайдын агасынын колун аттын чылбыры менен артына байлап атына мингизип келишти.

-Муну эмне алып келдиңер? Мен Сартбайды дебедим беле! – деди Рахманкул Сартбайдын тууганын көрүп ачуулана.

-Ал кырга чыгып кетти. Кел десем болбойт. Баары бир сени кармайбыз десем, «Сен жамансың, урасың, Рахманкул өзү келсин, ошону менен барам» деп болбой койду, – деди Абдылда.

- Болуптур, ага мен барайын. Силер мунун колун чечип кое бергиле, мында эмне күнөө – деди Рахманкул.

Абдылданы айылга таштап, Сартбайга башка жигиттерди ээрчитип, анын айылына өзү барды. Алардын айылындагы аксакалдар да окуяны бүкшүмөлдөшүп чогулуп турушкан экен.

- Кой, Рахманкул, сен атанын баласы болосуң, катуу кетпе – дешти алар Рахманкул аттан түшүп учурашкан соң.

-Болуптур, силер үчүн койдум. Аскерге кимиңер балаңарды анын баласы үчүн жибересиңер, анын сөзүн жыйында уктуңар го...

Аксакалдар унчукпай калышты.

-Сартбай оозунан жаңылды... Өзүнөн кетти... Бирок, биз үчүн ага тийбе... Кариядарлыгынан түшүрөлү... Аскерге эптеп, жолун таап, балдарды жибербейли. Ооганстандын падышасына түшүндүрүп алып калалы-дешти карыялар.

Карыялардын сөзүнөн улам Рахманкул Сартбайдын бир туугап агасы Токтосундун байбичеси менен барып бийик кырга чыгып кеткен Сартбайды чакырып келишти. Ал аша кеткендиги үчүн элден кечирим сурады. Иш аксакалдардын кийлигишүүсү менен тынч бүттү.

Эртеси Мүлк-Алиге Рахманкул Кичи-Памирдеги аксакалдарды чакырып, Ооган мамлекетинин бийлик башчыларына Памирдин адамдары ысык жактын климатына чыдай албай тургандыгын, памирликтерден аскерге адам албоону, башка ар кандай талаптарды ыңгайга жараша аткарууга даяр экендиктери тууралуу жазган өтүнүч катын элге окуп берди. Баары жактырып, ыраазы болушуп ак баталарын беришти.

-Эми, сен өзүң жаныңа жигит алып, Бадахшан аймагынын жетекчилерине барып катты тапшырып кел, сенден башкабыз бул оор ишти бүтүрө албайбыз – деп суранышты карыялар.

Эртеси Рахманкул Абдылданы, Айтбийди, Төрөгелдини ээрчитип, Бадахшан провинциясынын Хандут шаарына барды. Памир ушул шаардын Улусвалына (башкаруучусуна) караштуу болчу.

Улусвалга киришип, катты тапшырышты. Ал «Сартбай эмнеге келген жок» деп сурады. Сартбай кариядарга эл наразы болуп жаткандыгын, мындан ары анын кариядар болуп иштөөсүнө эл каршы экендигин билдиришти.

Улусвал Памирдин шартын жакшы билген адам эле.

-Туура айтасыңар, Памирдин суугунда чоңойгон адамдар ысык жакка чыдай алышпайт. Бул маселени мен Кабулдагы мамлекет башчыларына билдиремин. Сартбай кариядарга эл каршы болсо анда мен силер менен кошо барып, элден сурайын, чын эле ал элге жакпаса анда барганда көрөрбүз – деди.

Улусвал Рахманкулдар менен кошо Кичи-Памирге келип, ар кайсы айылдарга чабарман жиберип, 2 күндө элди жыйып, учурашып, ал-абалды сурады. Баары «Аскерге адам бере албайбыз» дешти.

-Аскерге Памирден адам албоону мен Кабулдагы мамлекет башчыларына түшүндүрөмүн, Сартбай кариядар кандай иштеп жатат? – деди Улусвал сөз арасында.

- Сартбай элге карабайт!

- Ал бирөөдөн бирдеме алганды гана жакшы көрөт, - деген сөздөр туш тараптан жаады.





- Эл башкарууга татыксыз! – деп да кыйкырышты.

Улусвал Сартбайдын мындан ары кариядар болуп иштей албасына көзү жетти окшойт бир саамга унчукпай туруп:

- Анда калыс бирөөнү айткыла - деди.

Эл дымып калды.

- Калыс ким бар? – деди Улусвал дагы суроо берип.

- Жакып акун калыс адам - деди кимдир бирөө.

- Ал ким? – деди Улусвал.

Жакып акун ордунан туруп Улусвалга таазим кылды. Анын ызаат көрсөтүшү Улусвалга жагып калды. «Уйгур окшойт, тайманбас толук кыргыздарга ушул калыс болчудай» деди ичинен Улусвал.

- Анда, Жакып акун бүгүндөн баштап кариядар болот – деди.

Жакып акун Кашкардан качып келип Кичи-Памирден үйлөнүп туруп калган уйгур болчу. Ал бечараны ким тоготмок эле. /ч айга жетпей өзү аксакалдарга келип, «Мен иштей албайт экемин, башка адамды кариядар койгула» деп айтууга мажбур болду.

Аксакалдар ары ойлонушуп, бери ойлонушуп, Козубай деген момунга токтолушту. Ал дагы жарым жылдан кийин кариядар боло албастыгын мойнуна алды. Аны да эл тоготбой койду.

**1946-жылы августта 33 жашында Кичи-Памирдеги аттуу-баштуу кишилердин өтүнүчү боюнча Рахманкул кариядар болуп дайындалды.**

Ал ишин адегенде Кичи-Памирдин ар жылгасына тарап отурукташкан урууларды чогултуудан баштады. Уруу-уруу болуп бөлүнүүгө, чабышууга катуу тыюу салды. Элди малды көбөйтүүгө, жайыттарды үнөмдөп туура пайдаланууга үндөдү. Ар кандай маселелерди айылдын аксакалдары, бийлери менен биргеликте чечип турду. Элде мал көбөйгөн сайын Бадахшандын Хандут, Сархат деген жерлерине кербен айдатты. Малды азыктүлүккө, кийим-кечеге айырбаштатты. Соода ишин күчөттү.

Кичи-Памирден Бадахшан аймагындагы тажиктер жашаган жакын кыштактар болуп саналган Сархатка кербен менен 3, Хандутка 4, Файзабатка 12 күндө жетишчү. Кербен менен өзү барып, Бадахшандыктар менен таанышты. Хандуттун Улусвалы менен жакындашты. Бадахшандан сырткары Кытайдын Даң-Башы, Миң-

Теке, Таш-Коргон, Пакистандын Ишкаман деген жерлери менен соода байланыштарын жүргүзө баштады.

Ошентип Рахманкул кариядар болгондан кийин Кичи-Памирде чоң бурулуш болду. Ооганстандын Бадахшанынан, Кытайдан, Пакистандан келген кербендер Рахманкулдун кыштоосу Бозой-Күмбөзгө токтоп, тыныгып өтүүнү адатка айландырышты. Сырттан келген соодагерлерге Рахманкул: «Элди алдабагыла, билбейт деп кымбат сатсаңар аны кийин мен башка соодагерлерден билип алам. Анда таарынбагыла, силер үчүн Памирге жол жабылат. Мал-мүлкүңөрдөн ажырап, келген жагыңарга темтейип жөө кетесиңер. Жолдо кар көчкүдөн, жырткычтардан аман өтсөңөр гана үйүңөргө жетесиңер, ушуну эч качан эсиңерден чыгарбагыла» - деп, эскертип койду.

Соодагерлер келгенде кең Памирдин бүт аймагындагылар Бозой-Күмбөз айылына келишип, соода иштерин бүткөрүп турушту. Кездемелеринин, азык-түлүктөрүнүн жоктугунан улам той өткөрүү сээлдеп кеткен эле. Сырттан келген кербендердин жардамы менен той өткөрүү да жандана баштады. Соодагерлерден аялдар ар түстөгү боекторду алышып, ала кийиз, туштук жана башка үйгө керектүү нерселерди коздоп жасай баштышты. Турмуш сыртынан караганда өз нугу менен өтүп жатты. Кичи-Памирдегилердин жаштарынан аксакалдарына чейин Рахманкулдун сөзүн эки кылбай уга башташты.

**... Эми, Кичи-Памирде мурун КАРИЯДАР (Эл башы) болуп иштеген инсандар тууралуу да окурмандарга айта кетейин.**

1920-жылдардын орто ченинде Кичи-Памирде Сары-Тейиттин Кутан уруусунан **Кожалы биринчи Кариядар** болуптур. Ал он жылга жакын иштеген соң, уулуна Токтосун деген кишинин кызын алып бермек болуп, жуучулукка барса Токтосун:

- Эгер чын куда болгуң келсе, калыңды тогуздап төлө, андан сырткары кариядарлыгыңды мага өткөрүп бер, - дейт сынамакка. «Кожалы деген кариядардын уулуна Токтосун деген кызын бербей коюптур» деген сөз элге чыкса уят деп:

- Макул, калыңды да ал, кариядарлыкты да ал, кызыңды уулума бер – дейт.

- Анда эртең түштө элди чогултуп айт, - дейт Токтосун.

Эртеси Кожалы кариядар аксакалдарды чогултуп:





-Мен өз каалоом менен кариядарлыкты Токтосун кудама өткөрүп бергим келет. Макул болушуңуздарды суранам, - дейт.

Токтосундун алдын-ала сөз үйрөтүп койгон адамдары:

- Өз каалоосу менен бийлигин берип жатса, өздөрү билишсин, - деп сүрөп кетишет.

- Ошентип, Кожалы Токтосундун кызын уулуна алып берет. Кийин малы көп өлүп, кембагал болуп калганда: «Кариядарлыгымды Токтосунга бергенден кийин менден оомат кетти. Бекер берген экенмин» деп көп өкүнгөн экен.

Айла-амал менен кокустан эле **Токтосун Кариядар** болуп, он жылдай эл башкарат. Ал уулун үйлөө үчүн Чоң-Памирден кудалашып, жыйырмадай киши менен кайра келатканда Чоң-Памирдеги ашуудан түшө бергендеги Ак-Жылга деген жерде Совет чек арачылары алдыдан аңдып чыгып аткылашат. Жыйырмадай адамдан ок ата менен балага – Токтосун менен үйлөнө турган уулуна жана Аравияга ажылыкка барып келген карыяга тиет. Калгандары тоо таянып качып кетишет. Ошондон кийин Памирликтер Совет чек арачыларына ишенбей, сак болуп калышат.

Токтосундун бөөдө өлүмүнө кайгырышкан билермандар анын аталаш иниси **Сартбайды Кариядар** коюшат. Ал агасындай иштей албайт. Акыры Ооганстан мамлекети аскер сураганда элдин наарaзычылыгына туш болуп аксакалдар тарабынан бошотулгандыгы жогоруда айтылды. Бирок агасынын кадыры менен Сартбай 5 жылдай эл башкарып жүргөн. Андан кийинки **Кариядарлар Жакып акун менен Козубай** экөө тең узак иштей албай коюшкан.

**Кариядар деген сөз – эл башкаруучу дегенди билдирет.** Аны аксакалдар көрсөтөт, сунушту Бадахшан аймагынын Хандуттагы Улусвалы мөөр басып дайындайт. Кариядар Памирдеги ар кандай маселелерди чечүүгө укуктуу жана эл камын көрүүгө милдеттүү.

Ооганстан мамлекети Памирликтерге элдешүүчүлүк менен мамиле жасагандыктан, кариядарлыкты Хандуттун жетекчилери өз каалоолору боюнча дайындай алышкан эмес. Элдин кызыкчылыгын эске алышкан. Ал мезгилдерде Ооганстан бийлиги алыскы Памирге көңүл бура албаган. Татаал климаттуу, бийик тоолордун арасынан орун алган, дүйнөгө «Дүйнөнүн чатыры» деп таанылган

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ №473653



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана АБОНЕМЕНТ

Памирди чынында эле Ооганстан мамлекети сырткы күчтөрдөн коргоп турууга, камкордук көрүүгө кудурети жетпеген.

Ошондуктанбы айтор Памирликтер Россия тараптагы чек арачылардан көп жапа чегишкен. Төрт жолу ата-бала – Жапаркул миңбашы менен уулу Рахманкулга кол салуу болгондо алар эптеп качып кутулушкан. Бир жолу боз үйгө чек арачылар капыстан кирип келишип Рахманкулду жана атасы Жапаркул миң башыны өлтүрүп койо жаздашкан. Рахманкул өмүрүнүн акырына чейин ошол окуяны таптакыр унута албады.

Анда 1942-жылдын август айы болчу. Күз өзүнүн алтын жалбырактарын төгүп, теребел өзгөчө шаңга бөлөнүп турган маал болчу. Коңшу айылда кыз берүү тою болуп жаткан. Жапаркул миңбашы ооруп жаткандыктан тойго барган эмес. Аялдарын, балдарын: «Силер элге кошулуп бара бергиле, мен кийин барам» - деп жөнөтүп жиберет. Памирде кыз чыгаруу тою эң негизги тойлордон болуп саналат. Рахманкул да жигиттери менен атасынын уруксаты менен жөнөп кетет. Той кызуу жүрүп жаткан маалда Рахманкул атасынын кечиккенин байкайт да, атын чаап айылына келет. Келсе атасы төшөктө жатыптыр.

- Тойго эмне барбадыңыз, ата – дейт.

- Ооруп турам, барбай эле койсомбу дегем. Сен эмне келдиң, мен жакшы элемин, тойго катыша бергин - дейт.

- Сиз барбасаңыз, мен деле барбай эле койоюн – дейт Рахманкул.

Ата менен бала өткөн-кеткенден сүйлөшүп олтурушат. Атасы тээ илгерки эл башкарган адамдар тууралуу айтып берет. Ал бош убактыларында уулуна санжыралардан, уламыштардан айтып берчү. Убакыт билинбей өтө берет. Түш оогондо сырттан аттын дүбүртү угулат. «Ким келди экен» деп Рахманкул сыртка чыгат. Караса, бир топ атчан Совет чек ара аскерлери жакын келип калыптыр. Рахманкул кайра боз үйгө шашып кире калып:

- Ата чек арачылар экен! – дейт.

- Канча? – дейт карыя ордунан обдула.

- Ондой бар го…

- Унчукпа, анда кол көтөрбө, көп экен. Аңгыча аскерлер боз үйгө жете келишип, Рахманкулга мылтык кезей «отур» дегендей ишарат кылышат. Аскерлер ата-баланы катар отургузушуп, чачтан өздөрү кара кесеге айран куюп бирден ичишет да, дагы





толтурушуп, ага уу салышып «ичкиле» дегендей ишарат кылышат. А дегенде Рахманкулга сунушат. Ал айранга уу кошулганын жүрөгү менен сезип, төгүп жиберет. Жанында турган солдат мылтыктын кундагы менен желкеге бир урат.

- Унчукпа, кол көтөрбө балам! – дейт атасы жер сүзүп калган Рахманкулдун колун кармай.

- Мага бер, мен ичем, - дейт Жапаркул колу менен ымдап.

- Ты храбрый старик, - деп күлүшөт аскерлер.

Кайрадан кара кесеге айран куюшуп, дагы уу салышат.

- На, старик!

- Он хочет умереть, – деп дагы күлүшөт.

- Карыя айранды ичип жиберет. Аскерлер кара кесеге дагы куюшуп, ага дагы уу кошушуп:

- На, пей! – дейт Рахманкулга.

- Иче бер балам, азыр башка жол жок, булар кеткенде айласын мен табам – дейт атасы.

«Эгер кармашып кетсем экөөнү жайлайм, бирок мага өчөшүп атамды атып салышпасын» деп ойлойт Рахманкул. Кеседеги айранды аргасыздан ичип жиберет.

Рахманкул ичери менен аскерлер бөтөлкөдөгү унга окшогон ууну чаначка куюп жиберишип, шашыла сыртка чыгып кетишет. Жапаркул миңбашы туурдуктун тешигинен караса аттарына минип жатышыптыр. Көңүлү айнып баратып:

- Колуңдун эки манжасын кекиртегиңе жеткирип кускун балам – дейт да, өзү да ошенте баштайт.

Рахманкул атасын туурайт. Уунун күчү эми денеге тарап баратканда ата-бала керегени кармап алышып, окшуп куса баштешат. Көптү көргөн Жапаркул карыя эптеп сойлоп жатып боз үйдүн бир ныптасындагы ашканага жетип, чоң чаначтагы айранды уулуна сунуп:

- Түгөтө ич, балам! – дейт шыбырай сүйлөп.

Рахманкул чаначты көтөрүп, кериле бир жутат да атасына берет, карыя да бир жутуп кайра уулуна берет, кайра манжаларын оозторуна салышып, өздөрүн зордоп кусушат. Ошентип, бир чоң чаначтагы айранды түгөтүшөт. Рахманкул сыртка тамтаңдап чыгып, кошуналардын боз үйлөрүнө кирет да чаначтагы айрандарын көтөрүп келет. Аны да жутушуп, кайра колдорун оозуна салып кусушат.

Күүгүмгө аралаш тойдон таркагандар келишет. Шалдырай, кумсарып очок боюнда жатышкан ата-баланы көрүшүп, баары чочуп кетишет. Рахманкул «Чаначты айраны менен алып барып жерге көмгүлө» дейт. Атасы шалдырап, сүйлөй албай жатып калган эле.

Жапаркул карыянын оорусу ошондон кийин оорлошуп кетти. Тиштери бүт түшүп, эмшеңдеп калды. Бир жылга жетпей каза болду. Улгайган адамга чек арачылар берген уу катуу таасирин тийгизиптир. Рахманкул ошол окуяны эстегенде титиреп кетчү. «Ушунчалык душмандык кылчудай, алардын бизде эмне өчү бар» деп, отурган жеринен ыргып тура калчу.

Ошол окуядан кийин атасы Рахманкулду жанына отургузуп алып: «Уулум, менин тойго барбай калганымды Совет чек арачыларына билгизген бирөө бар. Алдыртан байкоо жүргүз. Чагымчы жалгыз эмес... Заман бузулган сайын, эл да бузулуп баратат… кара ниет адам өзүбүздөн… этият бол, айтаарым чыккынчыларга тийбе… билмексен болуп жүрө бер… аларга Кудай көрсөтөт» - деди. Рахманкул чыккынчылардын кимдер экендигин билди. Бирөөгө да айтпады…

Ошол мезгилдерде «Камбар деген киши СССРден силер тарапка качып өткөн эле. Ал адамды силер жашырып айтпай жатасыңар» деп Совет чек арачылары Чоң- Памирдеги 42 кишини катар тургузуп коюп заматта атып салгандыгы тууралуу жаман кабар угулду. Кичи Памирден дагы 4 киши аскерлердин огунан өлдү. Бул окуялар памирликтердин жүрөгүнүн үшүн алып, советтик чек арачыларды биротоло элге жаман көрсөтүп койду.

1948-жылы кар кетери менен Рахманкулду Совет чек арачылары дагы чочутту. Алар эмнегедир Рахманкулду элге билгизбей көзүн тазалоого аракет кыла башташты. Акыркы жылдарда сактыкты алдын-ала сезип жүрдү.

1948-жылдын жазы келип, капчыгайлардагы жолдор күрткүлөрдөн ачыла баштаганда Рахманкул кариядар алыскы айылдарга барып, элден кабар алып келгенден кийин уктап жаткан балдарынын жууркандарын кымтылап, алардын бетинен өөп жыттап, маасысын чечип, кийимчен эле кынтая жатып уктап кетти.





Түн ортосунан ооп калганда кошуна боз үйдөгү маркум Оморкул абасынын байбичеси сыртка чыгып, алыстан келаткан топ атчанды айдын жарыгынан кокустан баамдап калат. Эненин жүрөгү бирдемени сездиби, айтор Рахманкул кариядар жаткан боз үйдүн капшытына келип:

- Кариядар, кариядар, чоочун адамдар келатат го… - дейт кабар берип.

Сергек уктаган Рахманкул ыргып туруп, каалгадан караса чоочун караандар жакындап калыптыр. «Булар Советтик чек арачылар болуш керек» деп ойлойт да, бир маасысын кийип, экинчисин колуна кармай, боз үйдүн каптал жагындагы керегени күчкө сала көтөрүп, сыртка сойлоп чыгып кетет. Эгер каалгадан чыга турган болсо маңдайдан келаткан атчандар көрүп калышмак. Рахманкул чуркаган боюнча дайрага жетет. Жээгиндеги муздар жакында гана ээриген муздак суугa боюн таштаганда кирген бууралай алкынган тоо суусу Рахманкулду жашырып, өз агымы менен төмөн карай агызып кетет.

Аскерлер Рахманкулдун үйүн мурунтан билишеби, дароо эле аттан түшө калышып, экөө сыртта калып, экөө боз үйгө атырылып кирип барышты.

- Вставай, Рахманкул!

Чоочун добуштан балдар ойгонуп кетишти. Аскерлер чакмак тамызышып, Рахманкулду жаткан жеринен таппай калышты.

- Опять ушел, сволочь! – дешти сөгүнүшүп.

Рахманкулду кармай албай калышкандарына кыжыры келген аскерлер короодогу койлорунун жарымын айдап кетишти.

Ошондон кийин Рахманкул Совет аскерлери артынан түшүп калганына чындап ишенди. Мурда да бир нече жолу үйгө түнү издеп келишкенде малчылардын жардамы менен күн мурунтан билип калып качып кеткен эле. Бир жолу кызык окуя болгон. Чек арачылардын түнү келаткандыгын уккан Рахманкул качып зоо бооруна жашырынып калат. Аскерлер үйгө кирип таппай калышып, айылды тинте башташат. Арадан бир чай кайнам убакыт өтөт. Ошондо зоо боорундагы Рахманкул асманга 2-3 ирет ок чыгарат. Октун үнүн укканда арттан жардамга келаткан аскерлердин экинчи тобу шашыла топоздорун чаап келишет. Аларды көргөн алдыңкы топ Рахманкулдун жигиттери келип калды деп ок чыгарышат. Арткы топ чочуп кетип, алар да ата башташат. Ошентип

Совет чек арачылары ал түнү бири-бири менен атышып, 5-6 жоокер өлөт. Таң атканда иштин чоо-жайын билишип, Рахманкулга ансайын өчөшө башташат. Алардан сактануу үчүн Кытайга өтүп кетүүнү ойлонуп «Бираз күн ысысын, ашуу ачылсын, анан сөзсүз кетебиз» деди бүтүм чыгарып.

Советтик чек арачылардын Рахманкулдун артынан сая түшүп калгандарынын себеби – атасы Жапаркул миңбашыдан улам Рахманкулдун да Россиянын карамагында турган Мургап аймагы тарапка таасири чоң болчу. «Мургаб тараптагы кыргыздарды азгырат, Коммунисттик партияга каршы үгүттөйт же аларды Кичи-Памирине чакырып алып кетип калат» - деген түшүнүк бар болчу. Эң башкысы – ал кең Памирдин таасирдүү жана белгилүү адамдардан болуп калган. Кичи Памирге болсо башчы!

Анын баскан-турганын билүү максатында Советтик чекисттер Мургаб аймагынын айылдарында жашаган митаам адамдарды жашыруун Ооганстанга жиберип турушканын Рахманкул сезип калды. «Өздөн чыккан жат жаман» деп тим болду. Өткөн жылы бир тууган карындашы Мариянын Мургапта калып кеткен күйөөсү Камал дагы Мургабдан Кичи-Памирге өтүп келди. Рахманкул анын атайын жиберилгенин анын көзүн тиктеп туруп дароо эле сезди. Бирок, билмексен болуп жүрө берди. Арадан бир ай өткөн соң күйөө баласы Камалды мергенчиликке ээрчитип чыкты. Тоо арасында жигиттерин кийикке жиберип коюп, «Эми чыныңды айт, сенин эмнеге келгениңди, ким жибергенин мен билемин» - деди. Камал чынын айтып берди. «Мөөнөтүң бүтүп калган турбайбы, эми артыңа кайра кайт. Кечиксең жазалашат. Тигилерге жанында дайыма жигиттери кошо болгондуктан өлтүрүүгө таптакыр мүмкүнчүлүк болгон жок деп айтып баргын» деди. Ошентип мергенчиликтен кайткандын эртеси Камалды алыскы жолго жигиттерине узаттырып койду.






Асан бий – Рахманкулдун эң жакын адамы болгон. 50 жаштардагы сүрөтү. 1964-жылы Кичи Памирде өлгөн.

1948-жылы ошол окуядан бир ай өтүп, күн жылып, ашуу ачылганда Рахманкул кариядар Кытай тарапка соода кылууну шылтоолоп, элүүдөй топозду айдатып, айылдагы 10 жигитин ээрчитип жөнөп кетти. Максаты – Кытайдан жер чалып көрүү эле. Кытайдын Даң-Башы, Кара-Жылга, Таш-Коргон, Миң-Теке деген айылдарында жакшы санаалаштары бар эле. Жолугуп ички сырын айтты. Алар «Келе бер, биз турабыз го» дешти. Топоздорун досторуна убактылуу калтырып, Кичи-Памирге келди да, айыл аксакалдарын топоз, кой союп үйүнө чакырды. Эт желип бүткөн соң:

- Аксакалдар, заман бузулуп турган мезгил. Өзүңөр байкап турасыңар, Совет чек арачылары менин артыман аңдып калышты. Мени Памирге жашатпай жатышат, алардын максаты мени жок кылуу. Мен Кытайга кетем. «Эки тоо көрүшпөйт, эки адам көрүшөт» деген сөз бар. Туз буюрса дагы учурашаарбыз, силерди коштошууга чакырдым эле - деди каңырыгы түтөй.

Боз үйдүн ичи бир саамга дымый түштү.

-Өзүң чечкен соң, биз кой демек белек. Кайда барсаң аман бол, атанын уулусуң. Сени атаңдын арбагы жана жигиттин пири – Шаймерден колдосун. Совет чек арачылары сени аңдый башташканын баарыбыз эле билип-көрүп турбайбызбы. Кудай буйурган күнү көрүшөрбүз. Жолуң ачылсын, Оомийин! – деди төрдө олтурган ак сакалчан карыя. Баардыгы бата кылышты.

1948-жылдын август айынын башталышында Совет чек арачыларынын куугунтугунан Рахманкул Кичи-Памирди таштап Кытайга кетүүгө аргасыз болду. Туугандары, куда-сөөктөрү болуп 40 үйлүү жакындары менен адегенде Кытайдын Кара-Жылга деген айылына көчүп барды. Бул айылда кыргыз, тажик аралаш жашайт.

Алардын көпчүлүгү соода иштерине байланыштуу Рахманкулду жакшы таанышчу.

Отурукташкандан кийин Рахманкул Кашкар менен соода байланышын күчөттү. Даң-Башыдан Кашкарга атчан 8 күндө жетет. Кербен айдатса 12 күндүк жол. Ошентип, Кашкардагы кыргыздардын билермандары, аксакалдары менен таанышты, мамилесин чыңдады. Эл аралык саясаттын маңызын түшүнө баштады.

1949-жылы августта Кытайга өткөндөрүнө бир жыл болуп калганда Ооган мамлекетинин атынан атайын өкүл Даң-Башыда жашап жаткан Рахманкулга кат алып барды.

- Сизди Закир шах күтүп жатат – деди өкүл.

- Сиз Ооган мамлекетине керек адамсыз. Катта жазылгандай, сизди бирөө кодулаган болсо Закир шах аны териштирет. Айтыңызчы, балким сизди Бадахшан аймагынын Улусвалдары башкаруучулары таарынткандыр.

- Жок, мен Ооган мамлекетине наразы эмесмин. Мени Совет аскерлери Памирге жашатпай койду. Өлтүрүп кетүүгө бир нече жолу аракет кылышты. Айласыздан Кытайга көчүп келдим…



Айтбай – Хандын эң жакын досу Кичи-Памирде өлгөн.

- Антпеңиз, Ооганстандын жеринде жашаган адамдарга Совет аскерлери тийүүгө акысы жок. Өзүңүздүн Памириңизге кайтыңыз. Экөөбүздүн ортобузда болго сүйлөшүүлөрдү мен Закир Шахк билдиремин – деди ал жылуу мүнө менен.

- Ойлонуп көрөйүн, ушунча лык көңүл бурганыңыздарга ырах мат. Менин ыраазычылыгымды Шахка билдирип коюңуз. Сиздерг Алланын өзү жар болсун! – деди Рахманкул. Эртеси өкүлдү узаты койду.

1950-жылы Кытай жергесинд да мамлекеттик төңкөрүш кыймы лы кучак жайып заман өзгөрө баш тады. Рахманкул биринчиден ушун дан чочулады. Экинчиден, бир жы





мурун Ооганстан мамлекетинен атайын өкүл келип, Закир шахтын күтүп жатканын билдирип кеткенин эсинен чыгарган жок.

Ошентип 1950-жылдын август айы ортолоп калганда Ооганстанга кайра кайтты. Кытайдагы төңкөрүштөн улам Кытайдын аймагындагы бардык чек аралар сыяктуу эле Ооганстан тарабындагы чек арада да көзөмөл күчөтүлө баштаган. Ошондуктан Рахманкул чек арачылар менен тирешип, айла-амал менен Ооганстандын Кичи-Памирине элин ээрчитип өтүп кетти. Чек-арада Кытай аскерлеринен да, Рахманкулдун жигиттеринен да кырсыкка дуушар болгондор болду. Ошентип, кайрадан Кичи-Памирдеги өз кыштоолору Мүлк-Али айылына келип жайгашышты.

Рахманкул келгенден кийин Кичи-Памирликтердин өспүрүмүнөн тартып сакалдуу карыяларына чейин келип учурашышты. Эл абдан кубанып тосуп алды.

- Сен элиңе кайрылып келдиң, биз абдан кубанып жатабыз, биз сени сагындык, эми элиңе кайрадан кариядар болуп бер. Эл сени күтүп жаткан, -дешти Кичи-Памирдин билермандары. Ошол убакта кызыл баш уруусунан Астанабек деген киши убактылуу кариядар болуп турган экен.

1950-жылдын август айынын акырында Рахманкул кайрадан Кичи-Памирге кариядар болуп калды. Ал адегенде малы жокторго өзүнүн малынан үй-бүлөнүн шартына карап бөлүп берди. Жайытты туура пайдаланууну талап кылды. Адегенде жазда күнгөйдүн, анан тескейдин жайытын пайдалана башташты.

Балдарга диний билим берүүгө өзгөчө көңүл бурду. Себеби Кытайда жүргөндө жаш балдарды окутуп жатышкандыктарын көрүп, ага чоң маани берген. Кичи Памирдин аймактык жайгашышына карата 4 жерде 9-15 жаштагы балдарды окутууну уюштурду. Окутуу кыш мезгилинде гана жүргүзүлдү. Башка мезгилдерде алыскы жайлоолорго бөлүнүп-бөлүнүп чыгып кетишкендиктен окуу токтогон. Кышында балдар окуган жеринде жатып окушкан.Себеби, кышындасы айыл чекелеринде жырткычтар, айрыкча карышкыр көп болот. Ач карышкырлар адамга тайманбай кол салат.

Ысык-Булак айылында Сулайман, Вагжирде Абдыкалык, Андеминде Токтомамат молдолор, ал эми Мүлк-Али тарапта болсо Рахманкул өзү окутту. Окуудан сырткары балдарга жоокердик өнөрлөр үйрөтүлгөн. Жаныбарларга тузак салганды жана жаа ме-

нен атканды, бычак, балта, найза менен таамай урганды, азоо топозду кантип моюн сундурууну, жоошутууну үйрөнүшкөн.

Абдыкалык, Сулайман деген молдолор 1940-жылдары Анжиян тарапта динге кысым болгондугуна байланыштуу Ооганга өтүп келишкен болчу. Алар медреседен окуган, китепти окуй да, кагазга жаза да билген молдолор болушкан.

Рахманкул Кытайга кеткен эки жылдын аралыгында Кичи-Памирликтер уруу-урууга бөлүнүшүп, айрым аш-тойлордо болбогон иштер үчүн деле чабыша баштashкан экен. Рахманкул кайрадан бийликке келгенден кийин бул бөлүнүүчүлүктү, уруучулдукту токтотту. Чабышып кеткендерди аксакалдар менен тескеп, жараштырып, ортого түшүп, тынчылыкка, биримдикке чакырды.

Ошол жылдарда Кичи-Памирликтер байып кетти. Жалпы элдин мал-эчкиси болуп 70 миңге, топоздор 8000ге жеткен. Мунун ичинен Рахманкулдун өзүндө 5000 кой, 600 дөй топоз болгон. Малдын көбөйүп кетиши Рахманкулдун баркын эл арасында көтөрдү. «Рахманкул ак жолтой кариядар болду» деп аны мактай баштashты.

Чоң-Памирде ал жылдарда элинин көп экендигине карабастан, мал аз болгон. Жалпы эле Ооганстан мамлекетинин Бадахшан аймагын эт, жүн менен Рахманкул башчылык кылган Кичи-Памир камсыз кылып турган.

Кийинки жылы Памирдин аймагында кар оор түшүп, жаз кечикти. Элдин кышка камдаган азык-түлүктөрү түгөнүп калды. Рахманкул кариядар үйүндө болгон унду, чайды элге бөлүп берди да, азык-түлүк алдыруу үчүн экинчи уулу Абдибаитти башчы кылып алты адамды алыскы тажиктер, оогандар жашаган Сархат кыштагына топоз менен жиберди. Кышындасы Памирликтердин ишенгендери топоз. Адамдын боюн көөмп калган улуу карды Памирдин топоздору жиреп жүрүүгө кудурети жетет.

Абдибаиттер ашуудагы жолдун жабылып калгандыгына байланыштуу 20 күндө Сархаттан аштык алып кайтышты. Элдин баарына азык-түлүктү Рахманкул өзү тең бөлүп берди.

Кар эрип ашуу ачылып, жаз келе баштаганда Чоң-Памирден эки жигит келди. Аларды Чоң-Памирдин белгилүү билермандары Осмон, Акжол ажылар жибериптир. Көрсө, Чоң-Памирде да Кичи-Памирдей көп кар жаап, мал жутка учурaптыр. Жигиттерден аксакалдардын аманат сөздөрүн уккандан кийин Рахманкул элдин аксакалдарын, билермандарын, байларын үйүнө чакырды.

- Туугандарыбызга кыйын болуптур, - деди Рахманкул келгендерге.

– Мен 200 кой берем. Силер дагы колуңардан келишинче бергиле. Бири-бирибизге ушундайда каралашпасак болбойт. Ким канча мал бере алат? – ал жыйынга келгендерди кыдырата карады.

Ошентип, Чоң-Памирден чабарман болуп келген жигиттерге 3000 дей кой, 300дөй топоз берип жөнөттү. Чоң-Памирдин билермандары Рахманкулга жана Кичи-Памирдин билермандарына кийинки жылы күзүндө келишип ыраазычылык билдирип кетишти.

1950-жылдан тартып Памирге чет мамлекеттерден изилдөөчүлөр, саякатчылар, илимпоздор көп бара баштashкан. Адегенде Америкалык саякатчылар Френк жана Боуви Шорлор барган. Алар кийин «Марко Поло, Сиздин изиңиз менен» деген даңазалуу китепти жазышкан.

Немец киножурналисти Рехин Борг барып, памирликтердин оор турмушу тууралуу кино тасма тарткан. Ал Памирде 2 жолу болгон.

Француз окумуштуусу Реми Дор да 2 жолу барып экинчисинде Памирде узак жүрүп кыштап калган. Ал менимче памирликтерди терең изилдеген окумуштуу.

Реми Дор Ооганга биринчи барып келгенден кийин мынтип жазган: «Рахманкул менен биз Ооганстан Өкмөтүнүн мүчөлөрүнүн биринин кабинетинде тааныштык. Андан кийин аны менен Британия элчисинин иш бөлмөсүндө Рахманкул Хандын Памирден Кабулга келип калгандыгына арналып уюштурулган сый-тамак учурунда чогуу болдук. Моюнга алуу керек, анын кыргыз коомунан алыс, такыр окшобогон үрп-адаттуу башка чөйрөдө өзүн эркин сезип, өзүн аябай жакшы алып жүрүшү аялым экөөбүздү таң калтырды. Анын өтө сезимталдыгы башкалар үчүн өтө коркунучтуу өнөк. Аңгемелешүү учурунда кыйын абалдан жеңип чыгып, татаал суроолорду айланып өткөн айлакерлигин, шамдагайлыгын биз өз башыбыздан өткөргөнүбүздөн удам айтып жатабыз».

Францияның белгилүү саякатчылары Роан Мишо жана Сарина «Памирдеги кышкы кербен» деген атагы таш жарган картина

тартышкан жана Памирде башынан өткөргөндөрүн китеп кылып чыгарышкан.

Англиялык кино саякатчы Андры Сингер немец кино журналисти Рехин Боргдон кийин Памир тууралуу 2-кино тасманы тартуучу болуп тарыхтын барагына жазылып калган.

Ал эми Америкалык изилдөөчү Карло Муари ак мөңгүлүү Памирге уулу менен барган. Ал «Тобокелге бел байлап» деген эскерүүсүндө:

«Памирликтер өзүн коргоого ымыркай кезинен көнүшкөн. Эгер кимдир бирөө уруулук тартипти же улуттук каада-салтты бузса, ал өзүнүн абийирин бузган болуп саналат. Мына ушундай катаал, бирок, мөлтүр таза булактай атуулдук тарбия жөнүндө биз да ойлонушуп көрсөк жаман болбос эле» деп жазган.

Ооганстандык өзбек окумуштуусу, кийин Америкадагы Университетте иштеп жаткан М.Н.Шахранин Памирде үч жолу болуп илимий докторлугун жактап, чоң даражага ээ болгон. Ал дагы Рахманкул тууралуу: «Абдан кыраакы, абдан патриот, абдан эр жүрөк» деген эскерүүлөрдү жазган.

Памирликтер сырттан барган саякатчыларга, изилдөөчүлөргө, соодагерлерге жакшы жардам берип, жакшы кабыл алып турушкан. Рахманкулдун Мансур деген жигити өз жигиттери менен чет өлкөлөрдөн келишкен саякатчыларды, илимпоздорду, соодагерлерди ак карлуу тоолордон, чокусунан муз кетпеген зоолордун арасынан, билген гана адам ашып өтө ала турган бийик ашуулардан, жырткыч айбандар мекендеген капчыгайлардан алып өтүп, бара турган жактарына жеткирип жүргөн. Алар узатуучу гана болбостон чет өлкөлүктөрдү жырткыч айбандардан, каракчылардан коргоп жүрүшкөн. Тоо арасында кокустан коркунуч пайда болуп калса дайыма топоздогу куржунга сала жүрүшкөн кургак отундан от жагышып, анын түтүнү аркылуу айылга кабар берип турушкан. Ошол түтүндөн улам бийик тоолордун мерчемдүү жерлеринде турушкан кароол жигиттер эмне болгондугун түшүнүшүп дароо жардам берүүгө жөнөшкөн. Чет элдиктерди бир тоодон экинчи тоого узатуу учурунда бийик тоолордун шартына көнбөгөн адамдар көбүнчө ооруп, топоздо жүрө албай калышчу. Кербендин алсырап баратканын байкаган жырткыч айбандар же каракчылар капилеттен кол салууга умтулушкан. Мындай коркунучтарга Рахманкулдун Мансур баш болгон жигиттери дайыма даяр болушкан. Кербен эс алып жатканда тоолордун мерчемдүү жерлерине сөзсүз кароолчулар коюлган. Каракчылар кол салган учурда Памирлик жигиттер өздөрүн аяшкан эмес. Ошондуктан тоо арасында карышкыр сыяктуу жортуп жүргөн канкор каракчылар Памирлик жигиттерден кыйгап өтүп жүрүшкөн. Алар Памирликтер менен беттешүүдөн чочулашкан.





Чет элден баргандар Памирлик жигиттерге, жалпы эле Памирдин элине абдан ыраазы болушкандыгын, алардын көп жардам беришкендигин өз Мекендерине баргандан кийин эскеришип, басма сөз каражаттарына макалаларын жарыялашкан, китептерин чыгарышкан, кинолорун, сүрөттөрүн тартышкан.

Рахманкулдун балдарынын ичинен Малик менен Акбар экөө жаш кезинен эле сүрөт тартууга, буюм жасоого ышкыбоз болушкан. Атасынын сүрөтчүлүк касиетин ушул эки уулу улантыптыр. Балдарга чет өлкөлүк саякатчылар, изилдөөчүлөр да шык беришчү. Алар ничке табылгынын учуна пахтаны ороп, апасынын жүндү бойой турган ыраңдарынан сурап алышып, ага малышып, Памирге келип-кетип жатышкан саякатчылардын, изилдөөчүлөрдүн, соодагерлердин берип кеткен кагаздарынын, гезиттеринин бош жерлерине, китептердин беттерине сүрөт тартышчу. Айылдагы чоң жалпак таштардын бетине балта-теше менен оюп, жаныбарлардын кейпин тартышчу. Бул эки уулунун сүрөт искусствосуна кызыгуусу Рахманкулду кубандырган. Балдарынын тарткан сүрөттөрүн боз үйдүн керегелерине илип коюп, келген чет өлкөлүк саякатчыларга, соодагерлерге, меймандарга көрсөтүп сыймыктанган. Соодагерлерден керектүү буюмдарды сатып берген. Эгер аларда жок болсо кийинки жылы алар келүүлөрүн суранып, акысын алдын-ала берген.

Ооганстандын «Шохкак» аттуу журналына «Памирлик эки бир тууган» деген темада Кабулдагы Университеттин окутуучусу Маматжусуп:

«Памирде сүрөт тартууга таптакыр шарттын жоктугуна карабастан, Малик менен Акбардын сүрөттөрү бир топ жандуу. Бир туугандардын жасаган айкелдерине Памирдин оор турмушу чагылдырылган, алардын ышкысынын өсүүсүнө атасы Рахманкулдун зор таасири тийген. Таланты бар балдарына Рахманкул бош убактысынын аз экендигине карабай дайыма камкордук көрүп турган. Ал айбаттуу, нооча келген, чыгыштагы акылдуу,

чечкиндүү адамдардын бири экен. Балдары тууралуу сураганыбызда: «Мен Малик менен Акбардын таланттуу болуп жаралып калышкандарына аябай кубанамын жана аларга бардык зарыл жардамдарымды берүүгө даярмын» деп айтты. Мен эки бир туугган сүрөтчүлөрдүн бири менен сүйлөшүп жатып ысымын сурадым. Ал «Малик Памир» деп айтты да кайра дароо эле «Малик Рахманкул» деп ийди. Мен эмне үчүн ондоп айттың – деп сурасам, ал «Атамдын ысымында болгум келет» - деп жооп берди» деп жазган.

Бул макала жарыялангандан кийин Ооганстандын борбору Кабулдагы журналисттер алыскы бийик тоо арасындагы Памирлик балдардын турмуш-шарттарына кызыга баштashкан.

«Жумурият» деген гезитке «Памирлик өнөрпоздордун чыгармалары» деген макаланы Ооганстандык журналист Навиир жазып, макаласында Малик менен Акбардын чыгармаларына анализ жүргүзүп, жакшы баа берген.

Ал эми «Исла» гезитинин кабарчысы «Памир дүйнөнүн чокусу» деген макаласында Памирде кыш 9 ай боло тургандыгын, дыйканчылык такыр болбостугун, Кытай, СССР, Пакистан менен чектеш экендигин, бул аймакта жашагандардын эркектери укмуштай чыдамкайлыгын, урууларды бириктирип, ынтымак жашоодо Рахманкулдун эмгеги абдан чоңдугун, байлары колунда жокторго мал берип, жылдын ар кандай мезгилдеринде бири-бирине каралашып турушарын, Памирликтер фарсча жакшы сүйлөшөрүн баяндап жазган.

1959-жылы күздө, август айы ортолоп калган мезгилде Ооганстан мамлекетинин башчысы Закир Шах Бадахшан аймагын аралап жүрүп асман мелжиген зоолордун арасындагы Чоң-Памирге да келген. Кичи-Памирдин кариядары Рахманкулду кабар берип чакырткан. Уккандан кийин Рахманкул Закир Шахка жолукканы Чоң-Памирге барат. Баргыча нөшөрлөгөн жамгыр жаап, жол жүрүү татаалдашкандыгына байланыштуу бир жума убакыт өтүп кетет. Барса Закир Шах Памирдин суук климатына көнө албай, сыркоолоп кайра Кабулга жөнөп кетиптир. Жөнөөрүндө: «Кичи-Памирдин кариядары Рахманкул кийинки жылы ашуудагы жол ачылаары менен Кабулга барып мага жолуксун» - деп табыштап кетиптир.





1960-жылы жаз кечигип, ашуулар июлдун этегинде ачылды. Ашуу ачылаары менен Рахманкул коңшулаш Пакистандан Тоту деген асыл тукум ат алдырып, илбирстин терисин, күмүштөн жасалган чөөгүн, күмүш менен капталган камчы, карт кулжанын мүйүзүн алып, Кичи-Памирдин белгилүү адамдары Айтбай, Толубай, Мамыт ажы, Таштанбек, Анапия баш болгон онго жакын кадырлуу билермандарын ээрчитип Бадахшан аймагындагы Файзабад шаарына барышып анын Ваалысына жолугушат. Ал сый көрсөткөндөн кийин Хан-Абадга машина менен жеткирип койот.

Ооганстандын аймагын башкарып турган Хан-Абаддын ваалысы (губернатору) Рахманкул тууралуу угуп жүргөн экен, ал жакшы кабыл алып эки күн меймандап, атайын машина берип Кабулга узатат. Хан-Абаддын Ваалысынын машинасы аларды Ооганстан мамлекетинин башчысынын Ак сарайынын алдына жеткирет.

Закир Шахта чет элдик өкүлдөр кезекте болгондуктан алар дагы кезекке турушат. Эртеси түш оогондо Закир Шах кабыл алууга чакыртат. Мурун Закир Шахтын атын гана угуп жүргөн Памирлик кыргыздар ага кирээрде толкундана баштashат. Рахманкул жанындагыларга: «Толкунданбагыла, ал деле адам» деп өзүн колго алып кирери менен:

- Ассалому алейкум азиз Падышам, алыскы Памирден Сиздин чакырууңуз боюнча атайы ат арытып келдик – деп салам айтат.

Падыша алик алып бөлмөсүндөгү катар коюлган орундуктарга отурууга ишарат берет.

- Памирде жашаган элдин берип жиберген белегин алып коюңуз – деп Рахманкул алып баргандарын тартуулайт. Падыша кулжанын мүйүзү менен күмүш сап камчыга кызыга карап баш ийкей ыраазылык билдирет.

- Уулуңузга деп бир Тоту аттуу асыл тукум ат алып келдик эле, кызматчыларыңызга тапшырдык. Памирдин элин эстегенче уулуңуз минип жүрсүн – дейт Рахманкул.

- Сиздердин белегиңиздерге чоң ыракмат, убара болбой эле келе берсеңиздер болмок, жолуңуздар алыс эмеспи. Эми эл жөнүндө сүйлөшөлү. Эл кандай, ал-акыбалыңар кандай? – дейт Закир Шах.

- Элибиз аман-эсен. Өлкөдө тынчылык, барчылык, токчулук болушун күн сайын Кудайдан тилеп насибинче жашап жатышат – деп жооп берет Рахманкул.

- Мен тараптан кандай жардам керек? Тартынбай айткыла. Катаал жерде жашап жатасыңар, балким, биз билбеген орчундуу маселелер бардыр, - Падыша Памирликтерди кыдырата тиктейт.

- Кудайдын амири менен тирүүчүлүктүн күнүн көрүп жатабыз. Алгачкы келгенибизде эле арыз-дарттарыбызды айтсак жарашпас падышам дейт Рахманкул.

Закир шах Рахманкулдун жообуна ыраазы болгондугун билгизе жылмайып:

- Мага Бадахшандагылар өткөн жылы Сиз тууралуу айтышкан, Кабул менен тез-тез байланышып турунуз. Кабул тарапты эт ку жылдары Бадахшан аймагын эт менен камсыз кылууга көмөктөшсөңүз жакшы болор эле. Мурунтурганыңызды билем. Эми Кабулду да эстен чыгарбаңыз.

**Биз, Ооганстан мамлекетинин жетекчилери өз ара акылдашып, Сизге «Памирдин пасбаниси» (Памирдин ээси) деген наамды жана укукту берүүнү чечкенбиз. Мындан ары сиз Памирдин бардык аймагына жоопкерсиз. Сиз бүгүндөн тартып Памирдеги түрк кыргыздарынын Ханы болдуңуз! Ошол тараптагы чек ара маселелерин көзөмөлдөөнү сизге тапшырабыз! Зарыл болгон учурда мага тартынбай келип туруңуз – деп Закир Шах үстөлүнүн тартмасынан мөөрү басылган Ак барак кагазды алып, анда жазылганды окуп берип, өзү Рахманкулдун колун кармап, ошол Ак барак кагазды:**

**-Памирдин Ханы болушуңуз менен куттуктайм! – деп, Рахманкулга сунат.**

**- Ишенгениңизге кулдугум бар, азиз Падышам! – деп Рахманкул таазим этkенче Ак баракты Падышанын колунан алат.**

- Мен Памирликтер үчүн Кабулдан атайын мейманкана бөлүштүргөмүн. Азыр сиздерди ошондо алып барышат. Кабулга келген сайын ошондо жайгашып жүрүңүздөр. Ал силерге таандык болду. Силер Кабулду жакшылап көрүп чыккыла, өзүңөрдү эркин, Памирдегидей сезгиле. Вазыйпаңар тууралуу мен дайындаган кызматчылар силерге түшүндүрөт. Эгер кандайдыр маселе же пикир, сунуш болсо ошолорго айтсаңар болот – дейт Падыша Рахманкулга жана аны менен кошо жүргөндөрдүн баарына колун берип коштошуп.





Закир Шах менен коштошуп чыгышкандан кийин Ак сарайдын эки кызматкери Памирликтерди бир жума Кабулдун ишканалары, мекемелери менен тааныштырып, кооз жайларын көрсөтүп чыгышты жана Рахманкулга хандык милдеттерин, укуктарын түшүндүрүштү.

1960-жылдын август айы ортолоп калганда, Памирден чыккандарына бир айдан өткөндө Рахманкул жан-жөкөрлөрү менен Кабулдан өз элине кайтты. Күн мурунтан жетип барган чабармандардан жакшы кабарды уккан Памирдин билермандары Рахманкулду зор урмат менен улак чаап тосуп алышты. Эртеси жалпы эл чогулган жыйын болду. Падыша менен жолуккан билермандар элге көргөн-билгендерин, уккандарын, Рахманкул мындан ары Кичи-Памир гана эмес жалпы Памир аймагынын ээси, Кыргыз элинин Ханы болуп дайындалгандыгын айтып беришти.

- Туугандар – деди Айтбай жалпы журт алдында:

-Закир Шах Рахманкул тууганыбызга абдан чоң ишеним көрсөткөнү биз үчүн сыймык! Рахманкул мындан ары кариядар эмес, Памирлик кыргыздардын Ханы. Бүгүндөн тартып ал элжуртка Хан! – деп жарыя кылды. Эл кубанганынан дуулдап кетти.

Андан кийин Мамыт ажы эл алдына чыгып:

- Рахманкул Ханыбыздын мындан ары иши мурдагыдан да көбөйөт. Бүткүл Памирдин аймагына жооп берет. Ошондуктан, Кичи-Памирге Хандын тун уулу Абдивакил кариядар болсун, кандай дейсиздер? – деп оюн ортого салды. Памирдин билермандары жана элдин баары анын сунушун колдоп кетишти.

**1960-жылдын август айы. Күн жылуу. Кичи-Памирдин Мүлк-Али айылында бир жума той болду. Памирликтер кыргыз элинин каада-салты боюнча Хандыктын ырымжырымын аткарышып, Рахманкулду Ак кийизге отургузушуп Хан көтөрүштү.**

Тойго Ооганстанга коңшулаш Кытайдын, Пакистандын аймактарынан белгилүү адамдар катышышты. Ооганстандын провинцияларынан өкүлдөр келишип Рахманкулдун Закир шах тарабынан Памирдин пасбаниси (ээси), кыргыз түрктөрүнүн Ханы болгондугуна байланыштуу алдынан өтүштү, олуттуу маселелер боюнча акылдаша башташты, өздөрүнүн аймактарына чакырып

сыйлашты, соода жана башка байланыштарды күчөтүүгө макулдашышты.

Рахманкул Хан Закир Шахтын тапшыруусу боюнча чек араларга көзөмөлдү күчөттү. Жигиттеринин санын көбөйттү. Мерчемдүү ашууларга, зоолорго күзөт койду. Алар бири-бири менен оттон чыккан түтүн аркылуу кабарлашып турушту.

1962-жылы августта Рахманкул Хан ажылыкка жөнөдү. Кичи-Памирден Мамыт, Ороз, Матибалдыны жана Мария деген бир тууган карындашын Рапия деген аял менен кошо ээрчитти. Ажылыкка сапар учурунда Хан болгондон кийинки эки жылда жүргүзгөн иштери тууралуу Закир Шахка маалымат берүүнү жана Памирдин элинин орчундуу маселелерин билдирүүнү чечти.

Файзабаддан аларга ажыга баратышкан Хандут, Сархат, Ишкашим деген жерлерден келишкен тажиктер, өзбектер кошулушту. Чогуу Кабулга барышты. Жанындагылардын баарын Кабулдагы Закир Шахтын буйругу менен Памирликтерге берилген мейманканага жайгаштырып, өзү Ак сарайдын кызматчыларына барып Падышага жолугуусу зарыл экендигин билдирди. Мурун Ханды таанып калган кызматкерлер эртеси эле Падышага киргизип коюшту.

- Ассалоомуалейкум, азиз Падышам – деди Рахманкул Хан таазим кылып.

Падыша ордунан туруп келип, учурашып, отур дегендей үстөл жакка ээк какты.

- Эл-журтуңуз аманбы, Хан – деди падыша күлүмсүрөй карап.

- «Падыша жакшы – эл жакшы» дегендей журтуңуз тынч аман Падышам.

- Кабулга кербен жөнөтүп, элди эт менен камсыз кылууга жардам берип жатканыңызды мага билдирип турушту, жардамыңызга чоң ыракмат. Эмне көйгөйлөр бар, тартынбай айтыңыз. Чек ара маселеси кандай?

- Падышам, Памирдин жоопкерчилигин мойнума алган соң айрым маселелерди Сизге ачык айтпасам болбос.

Биринчиден, Памирдин аймагында дыйканчылык болбойт. Элге башка аймактардан азык-түлүк ташуу үчүн жол салалы, балдарды окутканга медресе ачуу зарыл.






Экинчиден, мен Ооганстандын көп аймактарында болдум. Түрк тобундагы улуттарга көңүл бурулбай жаткандыгын байкадым. Ооганстанда 8 миллиондой түрк эли бар. Аларга башка элдердей эле камкордук керек. Ал эми чек ара боюнча айтсам, мага тийиштүү аймак менин көзөмөлүмдө, менин жигиттерим дайыма эл сакчылыгында күнү-түнү турушат жана керт баштары менен жооп беришет, – деди Рахманкул Хан.

- Сиздин түрк элдери боюнча айткандарыңызды эске алабыз, ал эми Памирди башка аймактар менен байланыштыруучу жолдорду салуу, медреселерди ачуу боюнча сунушуңузду мен толугу менен колдоймун. Бул көйгөйлөрдү кандайча чечүүгө болорун сиз экөөбүз биргеликте ойлонушуп көрөлү, – дейт Закир Шах. Ал Ооганстанда жашаган түрк тобундагы улуттарга Рахманкул Хандын кадыры улам барган сайын өсүп жаткандыгын уккан болчу.

Үч күндөн кийин ажыга баруучулар Кабулдан Аравияга жөнөп кетишти. Ажылык сапардан кайтканда Рахманкул Хан атайын Падышага арнап кымбат баалуу теспе, жайнамаз алып, «Ажы болдум Падышам» деп, Закир Шахка кирип чыкты.

1964-жылдан тартып Ооганстан мамлекет башчыларынын ишенимине кирген Рахманкул Хан Парламенттик иштерге, саясатка аралаша баштады. Мамлекеттик жыйындарга күн мурунтан



Рахманкул Хан Кичи Памирде жаздын келгенине кубанууда

чакырылып, такай катышып жүрдү. Өлкөнүн экономикалык жактан өсүшүнө Памирликтердин кошкон салымдарын жыйындарда далилдер менен айтып, алдыдагы милдеттер тууралуу да өзүнүн жеке сунушун билдирип турду. Ал бир нече жолу Ооган мамлекети коңшулаш мамлекеттер менен алаканы жакшыртуусун, ал үчүн адегенде Ооган мамлекетиндеги аймактык башкаруулар бирдиктүү иш алып баруусу керектигин, Кабулдун айлана тегерегиндеги эл-журтту эт, жүн менен өз убакгында камсыз кылуу үчүн Памирликтердин турмуш шартына көңүл бурууну, айрыкча медициналык тейлөөнү жакшыртуу маселелерин чоң жыйындарда көтөрүп чыкты. Анын сунуштары мамлекет башчылары тарабынан колдоого алынган. Чынында Ооганстандын башка аймагындагылар Памир тарапка бара алышкан эмес. Себеби, климаты татаал болгон. Сырттан баргандар Памирде көпкө жашай алышкан эмес…

Жыл өткөн сайын Рахманкул Хандын зоболосу көтөрүлүп Памирдин аймактарына гана эмес Пакистандын, Кытайдын Ооганстанга жакын жайгашкан аймактарына кеңири белгилүү боло баштады. Памирге чет мамлекеттерден келген изилдөөчүлөрдү, саякатчыларды, окумуштууларды, соодагерлерди кабыл алып аларга ар тараптан жардам берди. Кабул менен тез-тез байланышып турду. Жылына миңдеген койлорду, топоздорду Кабулга саттырды. Бул соода Кабулга да, Памирликтерге да пайдалуу болуп жатты.

Рахманкул ажысы кабыл болуп кайткандан кийин динге мурункудан да катуу көңүл бурду. Баш кошкон эки жаш мурун молдого «макулмун» деп баш ийкеп жооп берип келген болсо, эми эки жаш үн чыгарып жооп берише турган болушту. Ушул сыяктуу майда көрүнгөнү менен олуттуу иштерге абдан маани бериле баштады.

«Элдин көзү ачылсын, башка өлкөлөрдүн элдеринин жашоо турмушун көрүшсүн, жакшы жактарын үйрөнүшсүн» деп Пакистанга, Кытайга, Ооганстандын алыскы аймактарына кербен кошуп, элди кезек-кезек менен топ-топ кылып жигиттерин кошуп жиберип турду. Чет элдиктер келгенде аларды эл менен жолуктуруп, ааламда болуп жаткан өзгөрүүлөр, окуялар тууралуу кабардар кылып турууну адатка айландырган. Ар капчыгайда, ар жылгада жашап жаткан ишке жарамдуу .жигиттерди чакыры





керектүү жерлерге көпүрө курдуруп, жол салдыра баштады. Мындай турмушка керектүү иштерди алыскы айылдагылар өздөрү да аткара башташты.

1967-жылы августта Ооганстан мамлекет башчысы Закир Шахтын буйругунун негизинде Кичи-Памир, Чоң-Памир жана Вахан үчөөнүн кошулушкан жериндеги Ак-Зоо - «Рахманкул Хан зоосу» деп аталды. Ошондой эле «Памирдин элине кызмат кылгандыгы үчүн» деген жогорку даражадагы «Алтын жылдыз» ордени менен да сыйланды. Ал буга чейин мамлекет тарабынан бир нече жолу иштеги жетишкендиктери үчүн жана чек-араны кыраакылык менен карагандыгы үчүн баалуу сыйлыктарды алган.

1960-жылдардын аягында Кыргызстандан Жумаш Райымкулов, Мурзали Абдырахмановдор баш болгон партиялык, советтик кызматкерлердин өкүлдөрү Тажикстандын Мургап районунун Ооганстан менен чектеш айлына барышып, Ооганстандагы түрк кыргыздарынын Ханы Рахманкул менен жолугушуп, эки тараптуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө аракеттенишкен. Бирок, Кыргызстандан барган өкүлдөрдүн партиялык, советтик кызматтарда иштеше тургандыктарын билгенден кийин Рахманкул Хан: «Мен Совет бийлигинин өкүлдөрү менен эмес, элдин аксакалдары менен гана сүйлөшөмүн» деп сүйлөшүүдөн баш тарткан…

… 1973-жылы Закир Шахтын ордуна Давыд келди. Ал Ооганстан мамлекетинин башчысы - Президент деп аталды. Рахманкул Хан Давыд менен тааныш болчу. Мурун Кабулга барганда Закир Шах тааныштырган эле. Президент Давыддын ой-пикирин билүү үчүн Рахманкул Хан Кабулга барып анын кабыл алуусунда болду.

- Сиз мурункудай эле Памирдин ээси, кыргыз түрктөрүнүн Ханы бойдон каласыз. Мен сизди урматтайм жана ишенем. Биз бири-бирибизге колдоо көрсөтүшүбүз керек – деди Президент жолугушуунун акырында. Рахманкул Хан да аны колдоорун билдирди.

1976-жылы Памирде кыш оор болду. Мал жутка учурады. Рахманкул Хан жигиттерин ээрчитип өзү Хандутка барып өлбөй калган малдарга, койлорго күнжара, адамдарга азык-түлүк, жаш балдарга кургак сүт, оорулууларга дары-дармек алып келди.

Бирок, жуттан араң чыккан мал менен элдин жашап кетүүсү кыйын болду. Муну жакшы түшүнгөн Рахманкул Хан кар эрип,

ашуу ачылаары менен Кабулга барды. Президентке кирип табияттан улам абалдын оор болуп жаткандыгын түшүндүрдү. Президент Давыд жакшы жардам көрсөттү. Азык-түлүктү жетишерлик берди. Памирге кайтып келгенден кийин Рахманкул Хан азык-түлүктү ар бир үйдөгү адамдын санына жараша бөлүп берүүгө буйрук берди.

Рахманкул Хан ошол 1976-жылы Кабулга эң акыркы жолу барышы экендигин билген эмес…

1978-жылдын апрель айында Ооганстанда мамлекеттик төңкөрүш болду. Рахманкул Хан замандын өзгөрөрүн сезип-түйдү. Чоң уулу Абдувакилди чакырып:

- Кабулга барып Президенттин сарайын акмала. Президент Давыддын кызматкерлеринен бирөөнү таап, абалды бил, кеңеш сура, бирок этият бол. Өзүң тааныбагандан сураба, сүйлөшпө, кырраакы бол. Мурунку бийликтин адамдарынан Ак сарайда эч ким болбосо кайра тез кайт – деди.

Абдувакил кариядар Айтмамбет ажы экөө гана Кабулга топозчон барышты. Жигиттерди ээрчитишкен жок. Адамдын саны көп болсо билинип калышат деп, Рахманкул Хан чочулап, ашыкча жигиттерди кошкон жок. Алар Кабулга жеткенде өткүр жигит Абдувакил коркунучту эске албай Ак сарайдын алдына барып атасынын тааныштарын издеди. Мурунку бийликтин адамдарынан эч кимди жолуктура албады. Акыры кайра кетмекчи болуп жатканда атасынын жакшы таанышы, аскер кызматында иштеген бир ооган эсине түшүп анын үйүнө барды. Ал үйүндө экен.

- Бул жаңы бийлик силерге жакшылык кылбайт. Атаңа айта бар, сак болсун, – деди ал.

Абдувакил Айтмамбет ажыны ээрчитип Памирге шашылыш кайтты…

Ооганстанда 1978-жылы болгон Апрель төңкөрүшүндө Ооганстан Коммунисттик партиясынын жетекчиси Нурмамат Тараки Президент, Бабрак Кармал Премьер министр, Афизулла Президенттин жардамчысы болду.

Жаңы бийликке келгендер Давыддын балдарын, неберелерин бүт өлтүрүштү. Мындай суук кабар Рахманкул Ханга да жетти. «СССРдеги Коммунисттик партиянын жол-жобосу менен Ооганстанга да жаңы бийлик орноду. СССР менен Ооганстандагы бийликтин максаты бир, эми алардан жакшылык күтүүгө болбойт,





алар колунда бар байларды бүт өлтүрөт» деп ойлогон Рахманкул Хан Памирди таштап жакын турган Пакистанга өтүп кетүүнү туура деп тапты.

1978-жылдын 3-августунда Ооганстандагы Жаңы Өкмөт мурунку бийликтин адамдарын камай баштаганынан улам Ооганстандын баардык аймактарындагы журт башкаргандар, билермандар, байлар, соодагерлер Пакистанга карай качышты.

Рахманкул Хан баштаган Кичи-Памирликтердин көпчүлүгү Индикуш тоолору аркылуу Таш-Көпүрө ашуусу менен, Хандын бир тууган бажасы Жумабай баштаган 60 үйлүү экинчи топ Вагжир ашуусу менен Пакистанга өтүштү. Эки топко бөлүнүшкөндөрүнүн себеби, Кичи-Памирдин айылдары бирибиринен алыс жайгашкандыгы жана ашуудан тез өтүп кетүүгө ыңгайлуулугу болду.

Качкан эл ашууларга жеткенге чейин Рахманкул Хандын төртүнчү уулу Акбар баш болгон жигиттер капчыгайдын шаркырап аккан дайрасынын жээгинде арттан кууп келүүчү Жаңы Өкмөттүн аскерлерин аңдып турушту. Бактыга жараша куугунчулар келген жок. «Ашууга жеттик» деп түтүн аркылуу белги берилгенден кийин Акбар куугунчулардын өтө албоосу үчүн дайрадагы көпүрөнү буздуруп салып, атасынын жигиттери менен ашууга карай бет алды.

Рахманкул Хандын тобу ашуудан өткөндөн кийин Сухта-Рабат (Күйгөн Рабат) капчыгайына 5 күн жол жүрүп 8-августта жетишти. Бул капчыгайдан 2 чакырым алыстыктагы Кемпир-Диан (Кемпир айыл) деген жерде Совет бийлигинин кысымынан Кыргыз жергесинин Өзгөн тарабынан качып барган белгилүү инсан Жаныбек казынын балдары Маматибраим, Абиб, Ашым, Латип, Ысмайылдар дыйканчылык кылып жатышыптыр. Жашаган жерлери Ишкаман кыштагынын Имит деген айылы экен. Сухта-Рабаттан Имитке чейин 150 чакырым. Анда Вахандык тажиктер, пакистандыктар болушуп, жүз үй-бүлө жашап жатыптыр.

Ооганстан тараптан келген кыргыз качкындарын угуп, адегенде Жаныбек казынын тун уулу Маматибраим келип учурашты. Рахманкул Хан ага «Пакистанча сүйлөй аласың, барып жергиликтүү жетекчилерге биз тууралуу билдиргин» деди. Ал иниси Латипти жиберди. Арадан 4 күн өткөндөн кийин Паки-

стандын Өкмөтү жиберген жооптуу өкүлдөр 50 аскер менен кабар алганы келишти.

Рахманкул Хан мурун Пакистанга каттап жүргөндө Жаныбек казынын балдары менен таанышып, учурашып жүргөн. Жаныбек казынын Маматибраим деген уулу эң тун уулу. Андан кийинки балдары Абиб, Ашым, Латип, Ысмайылдар. Булар менен бирдикте Жаныбек казынын эң жакын туугандары Кочкорбай, Кадыракун деген кишилер да бар экен. Казынын бардык балдары бала-чакалуу болуптур. Латип Жаныбек казынын уйгур аялынан төрөлгөн уулу экен.

Жаныбек казы өлгөндөн кийин сөөгүн жогоруда айтылган балдары Пакистандын Гилгит облусунун Ишкаман кыштагынын Имит деген жерине коюшуптур. Өздөрү да ошол айылда жашап жатышыптыр.

Сухта-Рабат капчыгайынын дайрасы ташкындап турган маал болгондуктан, качкындар аркы өйүзгө өтө алышпады. Пакистан мамлекетинин өкүлдөрү: «Суу тартылганча тура тургула» дешти. Капчыгайда дайра боюнда эки ай турушту. Суу азайганда дайра-дан өтүп Имит айылына барып жайгашышты. Кеч күз болуп кал-гандыктан ушул айылда кыштašты.

1979-жылдын эрте жазында, февраль айынын башында Рах-манкул Хан Гилгит аймагынын жетекчилеринен элге камкордук көрүү боюнча жардам сурады. Алар: «Бардыгыңар бир жерге топ-толгула, жардам беребиз, ар кайсы айылга азык-түлүк жеткирүүгө дарылоого мүмкүнчүлүк болбой жатат», - деп билдиришти.

Рахманкул Хан Имит, Баржаң-Көл, Биржау, Барсу-Ат, Би-ланз деген чакан айылдарга убактылуу жайгашкан боордошторун Гилгитке кезек менен көчүрө баштады.

Пакистандын Өкмөтү элге Гилгит шаарынын четинен жер бөлүп, ООНдон жана өздөрү тарабынан берилген чатырларды ти-гип беришти. Элди медициналык кароодон өткөрүштү, азык-түлүктү жетиштүү беришти, жаш балдарды чатырларда урду ти-линде окута башташты. Качкындарга эки машина бөлүнүп берил-ди. Бири медициналык тейлөөгө багытталды. Экинчиси, элди ша-арга ары-бери ташып турду. Гилгитте эки ай гана декабрда, январ-да кыш болот. Калган убактарда күн ысык болгондуктан дыйкан-чылык жакшы экен. Памирликтер мындай ысык аймакка биринчи





ирет туш болушуп, ысык климатка көнө албай кыйнала башташты.

Баса, Ооганстандын Вагжир ашуусунан Жумабай баш болуп өткөн адамдар Пакистандын Мискар айылына туш болушту. Бул айыл Суксур-Абаддан 150 чакырым алыс турат. Эки ашуу аркылуу бөлүнүп ашкандар 3 ай бири-бири менен байланыша алышпады. Рахманкул Хан Пакистандын Гилгит областынан келген өкүлдөргө Мискар тараптагы адамдарынан кабар алууларын суранды. Пакистандыктар кабар алууга убада беришти.

Ошентип, баары Гилгит шаарынын чет жакасына көчүп барышты. Бардыгы биригип, Пакистанга 1400 адам качып барган. Анын ичинен 184 адам ысык климатка чыдабай Абдирашит деген таасирдүү кишинин демилгеси менен Рахманкул Ханга айтпай, өздөрүнчө уюшуп, кайра Кичи-Памирге түндөсү кайтышкан. (Алар азыр Кичи-Памирде жашап жатышкан Абдирашит, Тилебалды, Афанди, Анапия баш болгон билермандардын туугандары эле).



Рахманкул Хан Пакистандын Гилгит шаарында Жаныбек казынын балдары менен. 1980-жыл.

Рахманкул Хан элди Гилгит шаарынын ишканаларынын ээлери менен сүйлөшүп, ишке орноштура баштады. Көпчүлүк эр кектер жип, аркан жасоочу фабрикаларга орношушту. Аялдар туштук, төшөк, жууркан, баштык жасап сата башташты. Пакистандын, ООНдун берип жаткан жардамынан сырткары өздөрү иштеп тапкан эмгек акылары күндөлүк турмушуна ашыгы менен жетишип турду. Кээ бир тыңыраактары Гилгитке чакан дүкөн ачышты.

Гилгит шаарында 4 белгилүү адам болгон. Алар шаардагы ар кандай маселелерди чечүүгө катышышкан. Гилгит аймагынын жетекчилери ошол 4 адамдын катарына Рахманкул Ханды да ко шушкан. Ошентип Рахманкул Хан Гилгиттеги маселе чечүүчү билермандын бири болгон.

Пакистандын Гилгит шаарынын бийлик жетекчилери белгилүү адамдары Рахманкул Ханды жана аксакалдарды мей манчылыкка чакырып, жакшы мамиле жасашты. «Баарыбыз му сулманбыз, абалыңар оңолуп кетээр» деп көңүл айтышты.

Пакистанда жаштардын ичинен тыңыраагы деп Аса бийдин 20 жаштагы уулу Алымды Рахманкул Хан убактылуу кариядар лыкка дайындады. Ал элдин мүдөөсүн чечүүдө Рахманкул Ханга абдан жакшы жардам берди.

Рахманкул Хан Ооганстандын Жаңы Өкмөтүнөн өзү сыяктуу Пакистанга качып өткөн белгилүү саясатчылар менен Пешавар шаарында тез-тез жолугуп турду.

Рахманкул Хан өзү Гилгит шаарынан үй, дүкөн сатып алды. Дүкөнгө Пакистандын башка шаарларынан ар түрдүү, элге зары керектүү буюмдарды, кездемелерди алып келип, бирөөнү коюп соода кылдырды. Тун уулу Абдувакил Пешавр шаарына мал айдап барып, соода жүргүзө баштады.

Пакистан мамлекетинин журналисттери Оогандык качкы кыргыздардан кабар алып, алардын турмуш-шарттары тууралу макалаларды жарыялап турушкан.

«Таң нуру» деген гезит Рахманкул Хан менен Пакистандын Гилгит аймагындагы армиянын командири экөөнүн жолугушуу сун сүрөттөрү менен чыгарган. Ушул эле гезит «Пакистан-чыгы элдеринин жыргалчылыгына аракеттенүүдө» деген темада абда маанилүү макала жарыялаган. Андан үзүндү келтирели: «Ооган дык кыргыз түрктөрдүн улуттук оюну-улак тартышууну көрдү





Бул оюн кыргыздардын байыртан бери эле башка элдерге белгилүү экендигин жана шамдагайлыгын, ыкчамдыгын, жоокер калк экендигин далилдейт. Бул салтты Пакистандын элине да жайылтсак жакшы болот. Ошондой эле Кыргыздардын Ханы Рахманкул ажынын сүрөт тартууга шыктуу эки уулуна тең камкордук көрүү зарыл. Сүрөтчү Маликке, бедизчи Акбарга чыгармачылыктарын токтотпоолору үчүн боек, калем, бычак, теше, өгөө сыяктуу буюмдарды берүү керек» - деп жазылган.

Пакистандын Өкмөт башчысынын кеңешчиси Бегим Вакааринуса качкындар жашап жаткан жерге келип, алардын акыбалдары менен таанышкан. Колунан келген жардамдарын көрсөткөн. Ал дагы Малик менен Акбардын талантын байкап, зарыл нерселерди Гилгиттен таптырып берген. Рахмаңкулга: «Сиздин бул эки балаңыз келечекте белгилүү таланттардан боло алышаарына мен ишенемин, аларга билим гана жетишпей жаткандыгы байкалат» деп айткан.

Качкындардын жашоо шарттары дурус болгону менен Пакистандын нымдуу жана 40 градуска чейин жеткен ысык абасы барган сайын кыйнай баштаган. Памирде деңиз деңгээлинен 3500 метрден 4500 метрге чейинки бийиктикте жашап көнүп калышкан тоолуктар Пакистандын деңиз деңгээлинен 1200 метр келген Гилгит жерине көнө алышпады. Айрыкча жаш балдар, карыкартандар, аялдар түрдүү ооруларга чалдыга башташты. Наристелер көбүнчө ич өткөк, чыкма ооруларынан жапа чегишти.

Пакистанга түбөлүк туруп калуу Рахманкул Хандын оюнда болгон эмес. Ал Ооганстандын Жаңы Өкмөтүнөн, коммунисттерден чочулаганынан гана коңшулаш турган Пакистанга убактылуу өтүп кеткен. Пакистанга өткөндөн кийин адегенде элди жайгаштырды, жумуштарга орноштурду. Турмуштан кор болбой турган абалга жеткиргенден кийин гана каякка өтүүнү ойлонуштурду. Башка мамлекеттерден Памирдин шартына ылайыгыраак келген жерди сурасам, ал иш бир жылдын ичинде чечилер деп ойлоду.

1979-жылы жазындасы, февраль айынын башында Рахманкул Хан ары ойлонуп, бири ойлонуп Ооганга кайтууга такыр болбостугуна көзү жеткенден кийин «Мал бакканга ыңгайлуу Австралиядан жер сурасакпы же бир кезде Америкалык саякатчы ак карлуу тоо тартылган түстүү сүрөттү көрсөтүп, «Бул Америкага караштуу Аляска деген жер. Силердин Памириңерден бир аз суу-

гураак. Бирок, силерге бийик тоолуулугу абдан окшош экен» деп айтты эле же ошол Аляскага кетсекпи? Мусулман мамлекеттеринен бир гана Түркия ыңгайлуу. Тоолуу аймактары бар. Эмнеси болсо да мусулман өлкөсү эмеспи, Түркиянын мамлекет башчысына кайрылайын» деген чечимге келди.

Ошентип 1979-жылы февраль айынын башында Түркия мамлекетине жер которуштурууга уруксат берүүчү иммиграциялык виза сурап кат жазды.

1981-жылы август айында арадан эки жарым жылдай убакыт өтсө да Түркиядан жооп эмнегедир кечигип, балдардын, карылардын, оорулуулардын өлүмү улам көбөйүп бараткандыктан «Кайсы мамлекет тез жооп берсе ошол жакка тез көчөлү, элди сактап калуум керек» деген ойдо Рахманкул Хан Америкага да Аляскадан жер берүүсүн өтүнүп, кат жазып жиберди.

1982-жылы февралдын башында Америкадан окумуштуу түрколог М. Н. Шахранин Оогандык качкындардан кабар алуу үчүн Пакистанга барат. Ал мурун Памирге 3 жолу каттап, илимий иштерин жазып жүргөн. Памирликтердин колунан даам сызып, ылым санаш болуп калган. Ооганстандан барып Америкадагы университетте иштеп жаткан бул окумуштуугa Рахманкул Хан Түркиядан да, Америкадан да эмнегедир жооп кечигип жаткандыгын, элдин кыйнала баштагандыгын абдан капа болуу менен айткан. М.Н.Шахранин «Дагы бир аз күт, болбосо башка мамлекеттерге кайрыл» деп кеңеш берет.

1982-жылы 16-апрелде Рахманкул Хан жооптун Түркиядан да, Америкадан да кечеңдешинен улам башка өлкөлөргө кайрылууну аксакалдар менен кеңешип жатканда Американын Пакистандагы элчиси Ислам-Абадка чакыртып калат. Хан 5- уулу Арифти жана Айтмамбет ажыны ээрчитип, Ислам-Абадга жетип келет.

- Сиздер эртең түш мезгилинде Америкага самолет менен учасыздар. Ал жактан сиздерди тосуп алышат. Анан вертолет менен Аляcканы кыдырып көрүп чыгасыздар. Кайсы жери жакканын айтсаңар ошол жерде жашоого сиздерге уруксат берилет. Азыр паспортуңуздарды тапшырып чет элдик паспорт алыңыздар, - дейт элчи Рахманкул Ханга.

Рахманкул Хан кубанып, самолетко уулу Ариф экөөнө билет алып, ал күнү Гилгитке кайтышпай Ислам-Абаддын мейманкана-





сында жатып калышат. Эртеси 17-апрелде Вашинтонго түшкү рейсте учууга камына башташат. Самолеттун учаарына 4 саат калганда Түркиянын Пакистандагы элчилигинин кызматкерлери мейманканада эс алып жаткан Рахманкулга келишип:

-Сиздердин өтүнүчүңүздөр канааттандырылды. Түркиянын тоолуу аймагынан жер берилди. Сизди издеп биздин кызматкерлер Гилгитке барышты. Ал жактан сиздин Ислам-Абадда экендигиңизди айтышыптыр. Жолугушканыбыз абдан жакшы болду, - дейт элчи.

Рахманкулдун унчукпай, ойго батып, мелтиреп отурушунан чочуган элчи:

- Дүйнөдөгү чоң мусулман мамлекет болуп саналган Түркияны бүт дүйнөгө шылдың кылбаңыз. Кечиккен себебибиз силер үчүн камылга көрүлүп жатты. Ушуну эске алыңыз – дейт кошумчалап.

Рахманкул Хан ичинен «Кантсе да түрк тобундагы бир элбиз, мусулманбыз. Түркияга эле көчкөнүбүз абзел» деген бүтүм чыгарат да, жооп күтүп жаткан маңдайындагы элчиге:



Пакистандын Гилгитинен Түркияга учуу үчүн Ислам-Абадга келаткан учур. 1982-жыл, август.

- Кеч болсо да кабыл алганыңыздарга ыраазыбыз, бирок мен силерден жооп күтүп, убакытты кетирип көп адамдарымдан ажырап калдым. Бул тууралуу сиз жакшы билесиз, - деп жооп берет.

Американын элчисине кайра барып, алардын камкордугуна ыраазы экендигин, эл талабына байланыштуу Түркияга көчө тургандыгын айтып, Америка мамлекетинин жетекчилерине Ооган кыргыздардын атынан жана өзүнүн атынан чын жүрөктөн чыккан алкышын билдирип коюуну суранат. Американын элчиси: «Өзүңүздөр билиңиздер, кайсы тарап ыңгайлуу болсо, ошол тарапты тандап алыңыздар» - дейт.

Арадан 2 күн өткөндөн кийин 18-апрелде Түркиянын Өкмөтүнөн 7 адамдан турган комиссия Пакистанга учуп келишип, Рахманкул менен жолугушуп, Түркияга барууга камынууну, адамдардын тизмесин түзүүнү табышташат. Рахманкул Хан Жаныбек казынын балдарына: «Тизмеге силерди да киргизип коюн» дегенде, алар: «Атабыздын мүрзөсүн кантип таштап кетебиз» -деп болбой коюшат. Рахманкул Хан малын жергиликтүү калкка сатып калганын Жаныбек казынын балдарына аманат катары таштайт.

1982-жылы 8-августта комиссия мүчөлөрү тизмени тактап кеткенине үч жарым ай өткөндө Ислам-Абаддан Түркиянын Адана шаарына самолетто учушат.

Рахманкул Хан 8-августтагы алгачкы топ менен бирге учкан. Адана шаарында алгачкы учуп келгендерди Түркиянын эң бай жана эң кадырлуу адамы Сахиб Саабанжи ошондой эле Өкмөттүн өкүлдөрү тосуп алышкан.

Адегенде 8-август күнү 200, 9-августта 350, 10-августа 350, 11-августта 238 адам учкан. Баары биригип 1138 адам же 298 үй-бүлө Пакистандан Түркияга учкан.

Сахиб Саабанжи жеке менчиктүү мектебине элди жайгаштырып, өзүнүн каражатынан 4 күн коноктогон. Бешинчи күнү 12-августта келгиндер Сахиб Саабанжинин автобустары менен Кара-Кундуз айылына 24 саат жол жүрүп жетишкен. Кеткен чыгымдарды Сахиб Саабанжи төлөгөн.

Кара-Кундузда мурун Ирандык түрктөр үчүн салынган үйлөр бар экен. Бирок, канализациясы, жарыктары али бүтө элек болгондуктан пайдаланууга берилбептир. Мына ушул үйлөргө Түрк Өкмөтү Оогандык качкын кыргыздарды жайгаштырган.





Кара-Кундузда ар бир үй-бүлөгө бирден үй берилген. Үйдүн ичинде керебет, төшөнчү, жууркан, шалча, күзгү, стол, стул, газ плитасы, пияла, чайнек, кашык, самын, тиш жуугуч, күкүрт бир сөз менен айтканда жашоого керектүү бүт буюмдар болгон. Бардык адамдарга медициналык кароо жүргүзүлгөн. Пакистандын ысык аба ырайында ооруга чалдыккандарды дарылашкан. Ошондогу Зейнеп Пехвалий деген медсестра кызды туугандарыбыз азыр да көп эстешет.

4 ай бою түрк ашпозчулары келгиндерге үч маал тамак даярдап берип турушкан. Төрт айдан кийин гана ашпозчулар кайра кетишип, келгиндерге ун, күрүч, туз, чай, кант, май, шекер жана башка күндөлүк турмушка керектүү азык-түлүктөрдү берип кетишкен.

Барган күндөн тартып 7 жаштан төмөнкүлөргө 3000, андан жогоркуларга 6000 түрк лирасы бериле баштаган. Жаштарды тракторчулукка, айдоочулукка, кыздарды шалча, килем токуганга үйрөтүшкөн. Балдарды мектепте түрк тилинде окутушкан. Айрым адамдар чогулуп алып Ван, Адана шаарларына барып иштешип, каражат табышып, ага мал сатып алышкан. Ван шаары Кара-Кундуздан 12 чакырым гана алыс. Албетте, шаарларга 18 жаштан жогоркулар барып иштешкен. Пособие катарында берилген акча келгиндердин жашоо турмушуна жетип турган.

Кара-Кундуздан сырткары Малатия шаарынын сыртына калган 72 кожолук жайгаштырылган. Малатия шаарынын четине жайгашкандарга да Кара-Кундуз айылындагыдай эле бардык шарттар, камкордуктар көрүлгөн. Аларды Түркия Өкмөтү Кара-Кундуздагы даяр үйлөрдүн жетишпей калуусунан улам убактылуу жайгаштырып турган.

Түркиянын жетекчилери кыргыздардын Ооганстанда тоолуу жерде жашап жүргөндүгүн, негизги кесиби мал багуу болгондугун эске алып, Ван облусунун Алтын –Дара деген жерине үй салып, мал берип, көңүлдөгүдөй жашоосун камсыз кылууну алар Пакистандан келе электеринде эле пландаштырышкан. Бул пикирди айткан себебим: Рахманкул Хан элинин эки жерге бөлүнүп жайгаштырылгандыгынын себебин сураганда Өкмөттүн өкүлдөрү:

- Кара-Кундуз менен Малатия сиздер үчүн убактылуу. Сиздерге Алтын-Дара деген жерге үй куруу башталган. Айрым себеп-

тер менен кечигип жаткандыгы чын. Ал бүтөөрү менен көчүп барасыздар, - деп жооп беришиптир.

Түркия мамлекетинин өкүлдөрү келгиндерден тез-тез кабар алышып, элдин суроо-талаптарын өз убагында аткарып турушкан. Бир үйгө эки үй-бүлөнүн тыгылышып жашоосуна жол беришкен эмес.

Келгиндер Кара-Кундузда, Малатияда жашап жатканда Памирликтерди көптөн бери изилдеп жазып жүргөн франциялык окумуштуу Реми Дор жана башка изилдөөчүлөр келип, басма сөздөргө макалаларын жарыялашкан, китептерин жазышкан.

Рахманкул Хан Түркияга 1982-жылы 8-августта өтүп келгенде 69 жашта болчу. Ал карылыгына карабай Түркиянын ички саясаттарына катышып, олуттуу жыйындарга чакырганда барып, өз пикирин билдирип турган. Алтын-Дара айылына тез-тез барып, өздөрү үчүн курулуп жаткан үйлөрдү көрүп кубанган. Курууучулардан тез бүткөрүүнү суранган.

1986-жылы 15-майда Алтын-Дарада Оогандык кыргыздар үчүн курулуп жаткан үйлөрдүн 274ү бүткөндүктөн Түркия мамлекетинин өкүлдөрү Кара-Кундуздагыларды көчүрүп барышкан.

1987-жылы 25-майда калган 24 үй курулуп бүткөндө Малатияда жашап жаткандарды көчүрүп барышкан. Алтын-Дара Кыргызстандын Алай районуна окшош тоолуу жер.

1987-жылы 30-августта Алтын-Дарага Оогандык кыргыздарды толук отурукташтырып бүтүшкөн соң, Түркия Өкмөтүнөн Жайыт Арал аттуу жоопту кызматкер баш болуп, Ван облусунун, Эржиш районунун жетекчилери, депутаттары, чет өлкөлүк элчиликтердин өкүлдөрү жана массалык маалымат каражаттарынын журналисттери келишип салтанаттуу жыйын өткөрүшкөн.

Жыйында жаңы конуштагылар үчүн кооператив уюштурулуп анын мүчөлөрү дайындалган. 8 адамы бар үй-бүлөгө 10 дон, андан көп үй-бүлөлөргө 12-14 төн кой, андан сырткары тоок, гулгул тоок, өрдөк берилген.

Ушул жыйында Рахманкул Хан Түркия мамлекетинин Оогандык кыргыздарга көрсөткөн сыйына, камкордугуна, жыйынга келген өкүлдөргө өзүнүн жана элдин атынан чын жүрөктөн чыккан ыраазычылыгын билдиргенден кийин Алтын –Даранын аталышын «Улуу Памир» деп өзгөртүүнү бийликтин өкүлдөрүнөн суранган.





-Биздин элибиздин ата-бабалары жана азыркы улуу муундар Ала-Тоонун аймагынан Ооганстандын Памир тоолорунун арасына өтүп калышкан. Анда жашаган жерибиз Кичи-Памир жана Чоң-Памир деп аталчу. Эми бул жерди Улуу Памир деп атайлы. Памир деген сөздү укканда Ооганстандагы жерибиз эсибизге түшүп турсун деп айтканда Өкмөттүн Жайыт Арал баш болгон өкүлдөрү дароо макул болушкан.

1987-жылы 30-августта Алтын-Дара ошентип Улуу-Памир деп аталып калды. Түркиянын журналисттери «Алтын Дарадагы Оогандык кыргыздардын айылы мындан ары Улуу Памир деп атала турган болду» деген макалаларды райондук, облустук, республикалык гезиттерге жарыялашкан.

Ооганстандан качып чыккандан кийин Түркиянын Улуу Памирине келишкенде гана турмуш бир нукка түшкөн. Албетте, мурун Пакистанда жашаган жерлеринде убактылуу турушкандыктан көңүлдөрү бир жаңсыл болгон эмес. Улуу Памирде 298 эки кабаттуу үй, бир мечит, бир трактор болгон. Балдар мектепте түркчө окуй башташкан, эркектер мурункудай эле коңшулаш шаарларга барып иштей башташкан. Кыз-келиндер айылда килем токууучу цехтерди ачышкан.

1989-жылы январдын аягында Пакистанда Ооганстан мамлекетинин жашыруун саясий иш жүргүзүп жүргөн «Ислам бирдиги» жана «Ислам үчүн» партияларынын лидерлери Рахманкул Ханды Пакистандын Пешавр шаарында өтө турган жыйынына чакырышкан.

Ал 1989-жылдын 14-февралында Улуу-Памир айылынан Анкара шаарына барган. 16-февралда Анкарадан Стамбул шаарына, 17-февралда Стамбулдан Пакистандын Ислам-Абад шаарына самолетто учкан. Ислам-Абадда Ооганстан мамлекетинин «Ислам бирдиги» жана «Ислам үчүн» партияларынын өкүлдөрү тосуп алышып, Пешавр шаарына коштоп барышкан. Анда чакырган партиялардын бардык лидерлери менен жолугушуп, план түзүшүп, бир чечимге келишип, кайра чогуу Ислам – Абадга келишкен. Жыйын Ислам-Абадда 10 күнгө созулган.

Жыйындын максаты 1988-жылы Ооганстан мамлекетинин аймагынан көп жыл күттүргөн СССРдин аскерлери чыгарылып кеткендигине баа берүү жана Ооганстан мамлекетине жаңы жетекчиликти шайлоо, Ооган мамлекетинин башчысы Наджибулла-

ны бийликтен биротоло кетирүү болгон. Ушул маселеге байланыштуу элге кеңири белгилүү 7 партиянын лидерлери жана Ооганстанга аты таанылган бирок, башка өлкөлөрдө жашап жатышкан лидерлер чакырылган. Алардын бири биздин боордошубуз Рахманкул Хан болгон.

Жыйында жашыруун добуш менен Ооганстан мамлекетинин Президенттигине Мужаддиди шайланган. Рахманкул Хан шайлоодо добушун Мужаддидиге берип, анын бийликке келишин куттуктап, алдыдагы күрөштөрдө жеңип чыгышына ийгилик каалап ден-соолугуна байланыштуу кайра Түркияга тез кайтууга мажбур болгон.

1978-жылы августта Ооганстандан Пакистанга качып өткөн мезгилде Мужаддиди жана Бурханиддин Роббани менен Рахманкул Хан жакындан таанышышып, жолугушуп турушкан эле. Ошол жылдарда алар дагы Ооганстандын Апрель төңкөрүшүнөн кийинки Жаңы Өкмөттүн бийлигинен качып Пакистанга барышып, жашыруун саясий иш жүргүзүп жатышкан болчу. Алар: «Сиз Ооганстандагы белгилүү адамсыз, биргеликте саясий иш жүргүзөлү» деген сунуштарын айтышканда Рахманкул Хан:



Бурганиддин Раббанини Пакистандын Ислам-Абадында Ооганстандын Президенттигине шайлашкандан кийин Рахманкул Хан куттуктап жатат.





«Мен силер менен дайыма бирге боло албагандыгыма өкүнөмүн. Менин элим Пакистандын ысык климатына чыдай албай, кыйналып жатат. Айрым жаш балдардан, оорулуу кары-картаңдардан ажырап жатабыз. Ошондуктан, мен артымдан ээрчип жүргөн элимди башка, климаты суугураак жакка тез арада алып өтүүгө кам көрүүгө тийишмин. Силердин өзүңөргө жана патриоттук ишиңерге мен жакшы санаалаш экендигимди дайыма эстеп жүргүлө. Мен силерди чын дилимден колдоймун» деп жооп бериптир.

Мужаддиди Пакистанда жашырынып жүрүп Ооганстандын элинин кызыкчылыгы үчүн иш жүргүзүп турган. Кабулдагы бийликте болсо Наджибулла турган. Үч жылдык тирешүүдөн, салгылашуудан кийин 1989-жылы апрель айында Наджибулла Ата Мекенинен качууга аргасыз болуп ордуна Мужаддиди Пакистандан Кабулга келип бийликти толук өз колуна алган. Бирок, үч ай иштегенден кийин Мужаддидинин шайланган мөөнөтү бүтүп калгандыгына байланыштуу анын ордуна Бурханиддин Раббани бийликке келген.

Ошентип, Рахманкул Хандын баркына жеткен атактуу инсандар дүйнөдө көп болгон. Анын чыгаандыгын Түркиянын басма сөздөрү да көп жазган. Алардын айрымдарынан үзүндү келтирели:

1989-жылдын 24-мартында «Жаңы түшүнүк» деген гезит көлөмдүү макала чыгарган. Автору Асан-Баял болгон. Ал макаласында:

«Рахманкул ажы кыргыз түрктөрүнүн Ханы! Ал түрктөрдүн маданиятын, саясатын, Хандыктын жол-жобосун бүгүнкү күнгө чейин сактап келаткан белгилүү инсан. Анын СССРдеги кыргыздарга да өз таасирин тийгизүүгө дарамети бар. Рахманкул Хан тууралуу СССРдеги айрым басма сөз каражаттары негизсиз каралаган материалдарды жарыялашкан. Алардын максаты бул белгилүү инсандын басып өткөн жолундагы аракеттерин башка мамлекеттерге жаманатты кылуу болгон» - деп таамай жана реалдуу жазган.

1990-жылы май айынын аягында Рахманкул Ханды Түркия мамлекети Стамбул шаарында өткөн мамлекеттер аралык чоң жыйынга чакырган. Рахманкул Хан ал жыйынга катышып

бүткөндөн кийин ооруй баштайт. Балдары жана туугандары Ван шаарындагы аэропорттон тосуп алышат.

- Түнү Стамбулдагы мейманканада жатып ооруп калдым, доктор чакырттым эле ийне сайып, дары берди. Азыр өзүмдү жакшы эле сезип турам, тезирээк үйгө жетеличи, – дейт аэропорттон тосуп алган балдарына, туугандарына акырын сүйлөп.

Ван шаарынан Улуу-Памир айылына келгенден кийин айлындагы дарыянын боюнда көпкө чейин басып, жалгыз болууну каалап жүрдү. Кечиндеси гана үйүнө үзөнгүлөш жүргөн теңтуштарын чакырып, түн ортосуна чейин ак чай ичишип, өткөн-кеткенди эскерип олтурушат.

- Кийинки жылдарда балдардан оолактап кеттим окшойт. Жаштарга ата-тегибизди күн сайын айта жүргүлө. Алар кийин өз балдарына айтышат. Санжырада кыргыздарды 4 топко бөлүп айтып жүрүшөт. Биринчи, Алайлык кыргыздар. Экинчи Аксылык кыргыздар. Үчүнчү, Анжиандык кыргыздар. Төртүнчү Аркалык кыргыздар. Ооган Памирине келип жашап калгандар Ала-Тоонун Алай, Аксы жана Анжиан кыргыздарынын тобуна кирген ичкилик урууларынан болобуз. Санжыраны маркум атам жакшы билчү, - деди Хан бир түнү адаттагыдай ак чай ичип олтурушканда. Анын сөзүн карыялар коштоп кетишти. Хандын уйкусу келе баштаганда гана достору коштошуп чыгып кетишет.

Бирок оорусу көп өтпөй кайра башталат. Балдары Ван шаарындагы облыстык ооруканага алып барып жаткырышат. 10 күндөн кийин жакшы болуп калганда, Улуу-Памирге кайра келет. 5 күндөн кийин дагы катуу ооруп калып, Эржиш райондук ооруканага жаткырылат. Анда 15 күн жатканда врачтар аргасыздан Арзурум шаардык ооруканага которушат. Аерде бир жума жатып, 1990 – жылдын 6-августунда түнкү саат 2 де жарыкчылык менен коштошот.

Туугандарынын мага айтуусуна караганда Эржиш райондук ооруканасында жатканда эле Рахманкул Хандын абалы абдан начарлай баштаган. Балдарынан сырткары Улуу Памирдин эли кезек менен күнү-түнү жанында болушкан.

- Мен Ханыбыз Эржиш райондук ооруканада жатканда кезек боюнча анын жанында болчумун - дейт Рахманкул Хандын бир тууган бажасы Жумабай аке үйүндө сүйлөшүп отурганыбызда.

- Экинчи уулу Абдибаитти керебетинин чекесине отургузуп:





«Мен бул дүйнө менен коштошууга аз калды. Жарыкчылыкта Ислам дини үчүн, кыргыз элинин бүтүндүгү үчүн, үрп-адаты, каада-салты үчүн, балдардын келечеги үчүн күрөштүм. Элге аздыр-көптүр кызмат кылгансыдым. Бирок, менин аракеттеримди башка элдерге бурмалагандар көп болду. Кезеги келгенде ошол элдер өздөрү түшүнүп алышаар. Эми балдарым ынтымак болгула, элге жакшы карагыла, түпкү жерибиз Кыргызстан, алар акыры СССРден бөлүнүп чыгышат, ошондо Ата-Мекениңерге кайткыла, балдардын келечегин ойлогула. Артыман ээрчип жүргөн элиме айтаар сөзүм бар, бир барак кагаз алып кел жазып берейин, сөөгүмдү жерге жашыргандан кийин элге окуп бергиле, – деп осуятын айтты. Уулу Абдибаит атасынын сөзүнө чыдап тура албай ыйлаган боюнча сыртка чуркап чыгып кетти. Жанында мен жалгыз калдым. Хан оор улутунуп алды. Бир топко чейин унчукпай турду. Анан мени тиктеп кагаз сурады эле алып бердим. Артыма кош жаздык койчу деди. Эки жаздык коюп, далысынан жөлөп турдум. Ата-бабамдын Мекени болгон Кыргызстанды – Ала-Тоону бир көрүп өлсөм арманым жок эле... Эми... көрбөй калат окшойм...» - деди алсыз үнү менен күбүрөп. Көзүнөн жаш чыгып кетти. Анысын мага билгизбей колу менен аарчыды да онтоп жатып жарым сааттай убакытта оюндагысын жазып бүтүп, баракты бүктөп, мага сунуп: «Азыр эч кимге көрсөтпө, кийин элге өзүң окуп бер» - деди. Арадан 10 күн өткөндөн кийин 1990-жылы 6-августта түнкү саат 2де Арзурум шаарындагы ооруканада көз жумду.

Жарык дүйнө менен коштошоор алдында «Жолборсум... Жолборсум... мени... таштап кетпе... жаныма кел...» - деп сүйлөнүп жатты. Ага чейин деле Хан жалгыз калганда кимдир бирөө менен өзүнчө кобураша берерин байкап жүрчүбүз. Анын жакын адамдары, айыл аксакалдары: «Рахманкул Хандын колдоочусу Жолборс. Ал атасынан өткөн» - деп айтышчу. Чынында эле Рахманкул Хан бажам абдан сүрдүү болчу. Алдыда басып баратып, арттагылардын эмне кылып келатышкандарын даана сезип турчу. Маңдайына келген адамдын эмне максатта келгендигин көзүн тиктеп билип алчу. Алдын-ала түюу сезими абдан күчтүү эле.

7-августта күндүзгү саат 12 де сөөгүн Улуу-Памирге жеткирдик. 8-августта Улуу Памирдеги мүрзөгө коюлгандардын 30-су болуп намаздан кийин жерге коюлду.

Тажиясы 7-8-9-10-11-августтарда өткөрүлдү. Тажиясына дүйнөнүн ар тарабынан: Америкадан, Германиядан, Франциядан, Суад Аравиядан, Пакистандан, Ооганстандан, Казакстандан, Тажикстандан, Өзбекстандан, Түркиянын көп шаарларынан ханды жана анын балдарын, элин урматтагандар келишкен. Убагында жете албагандары балдарына көңүл айтышып телеграмма беришкен, телефон чалышкан, кат жазышкан. Ар мамлекеттерден элдин көп келгендигине байланыштуу тажиясы 5 күнгө созулган, - деп айтты.



Рахманкул Хандын сөөгүн Улуу Памирдеги мүрзөгө алып баратышат.

Ооба, дүйнөнүн көп мамлекеттеринин теле-радиолору, басма сөздөрү Хандын ааламдан өткөндүгүн дүйнө-жүзүнө кабарлашты жана анын басып өткөн жолун дүйнө элине даңазалашты. А, Кыргыз мамлекетинде болсо массалык маалымат каражаттары кыскача маалымат берүү менен гана чектелишти. «Жогорудагылар эмне дешер экен, кандай ойлоп калышар экен» деген чочулоо бар болчу. Эң башкысы Коммунисттик партиянын ошол кездеги жумури-





яттык жетекчилери өтө эле саксынган адамдар эле. Бирок, кийин далилденгендей ак ийилгени менен сынбайт тура!

Ошентип, кыргыз элинин эң акыркы Ханы – Рахманкул Хандын сөөгү Түркиянын Улуу Памир айылында төртүнчү уулу Акбардын перзенти, мурда чарчап калган небереси Аллаярдын кабырынын жанына коюлуптур. Хан өзү «Мени, неберем Аллаярдын жанына койгула» деп айтыптыр. Ошол наристе небересин айрыкча жакшы көрчү экен.

Маркум Хандын өмүрүнүн акыркы күндөрүндөгү так айтканда өлөөрүнө 10 күн калгандагы өтүнүчү боюнча ал өзү ооруканада жатып жазып берген аманат Катын Жумабай аке сөөктү жерге коюу учурунда элге окуп бериптир. Рахманкул Хан анда мындай деп жазыптыр:



Рахманкул Хандын ооруканада өзү жазган акыркы керээзин мүрзөдө бир тууган бажасы Жумабай элге окуп берүүдө. 1990-жыл, 8-август.

«Элим, силерди Ооганстандан Пакистанга өтөөрүмдө койгула, калгыла дедим. Силер сенден калбайбыз деп ээрчип алдыңар. Силердин мага болгон ишеничиңерди, урматыңарды тиги дүйнөгө өзүм менен кошо ала кетем. Мен силердин ишеничиңерди актай алдымбы, жокпу билбейм. Ага өзүңөр күбөсүңөр. Эми тиги дүйнөгө бараар алдында силерге айтаар сөзүм бар. Мындан ары да

диниңерди, дилиңерди, улутуңарды – кыргыз экендигиңерди сактай билгиле. Намазыңарды өз убагында окугула. Менден катачылык кетсе кечирип койгула. Түбөлүкө кайраттуу болгула! Кош болгула, бир боорлорум! 1990-жыл, 25-июль».

Түркиянын «Түрк дүйнөсү» деген белгилүү гезити Ханды эскерип 1991-жылдын 18-январдагы санына Хасан Үлкер деген журналисттин «Унутулбас күрөштүн каарманы» деген макаласын жарыялаптыр. Ошондон үзүндү келтиреличи:

«СССРдин «Известия» деген гезитине жарыяланган «Банданын башчысы» деген макаланы окуп бергенибизде Рахманкул Хан ажы ооруканадагы жаткан ордунан жолборстой обдулуп тура калды. «Совет бийлиги өзү басмачы» деп күрүлдөдү. «Өздөрү келип менин элимди тебелешсе, кордосо, малымды айдап кетсе, Мекенимди басып алса, биздин алардан өз жерибизди, элибизди, улуттук ар-намысыбызды коргоо үчүн жасаган аракетибиз басмачылык катары бааланса, анда мен басмачы деген сөздү жакшы сөз катары кабыл алууга даярмын. Бирок, алардын кандай максатта болгондугун бүткүл дүйнө жүзү билет. Ошондой мамлекетке каршы тура алгандыгыбыз – биздин каармандыгыбыз! – деп айтты. Ооба, Рахманкул Хан, сен баатыр болуп төрөлүпсүң! Бүткүл өмүрүңдү улуу жол башчыларча өткөрүп бул дүйнө менен кош айтыштың! Кош, Рахманкул Хан, кош, жаның жаннатта болсун!» – деп жазылган.

Мындай эскерүүлөр, хандын өлүмүнө өкүнүүлөр көп мамлекеттердин басма сөздөрүндө жарыяланды. Түркиянын ондогон гезиттери жазып чыкты. Мен алардын биринен гана үзүндү келтирдим. А, бизчи? Кыргыз жумуриятындагылар Рахманкул Ханды эми изилдей баштадык. Ачык эле айтканда бир боорубузду, кыргыз элинин чыгаан уулун, кыргыз элинин эң акыркы Ханын башкалардын таасири менен гана эң акыркылардан болуп изилдеп жатабыз, ооба дал ушундай!

Кыргыз элинин ар намысынын бийиктиги үчүн, улуттук каада-салтын, үрп-адатын сактап калуу үчүн бүткүл өмүрүн арнаган улуу жана чыгаан, бул дүйнөдө сейрек учуроочу эр жүрөк патриот инсан Рахманкул Ханды СССРдин убагындагы борбордук айрым гезиттердин бурмалап жазгандары, радиотелевидениелердин калпты-чынды койгулатып айткандары боюнча кабылдап жүрө бериптирбиз.





Биз каалайбызбы, каалабайбызбы баары бир Рахманкул Хан кыргыз элинин тарыхынан өз ордун ээлейт. Ал кыргыз хандарынын ичинен эң акыркы Хан болуп тарыхта калды! Болгондо да бөтөн жерлерде жүргөнүнө карабай, өз элин кор кылбай, эч кимге басынтпай, өзү да эч кимге баш ийбей, Кыргыз деген улуттук улуу касиетти бийик сактап калууга дарамети жеткен Хан!

## КОРУТУНДУ СӨЗ

… Мен 1992-жылдын июль-август айларында Рахманкул Хандын тарыхын изилдөө максатында жана Ооганстандан ооп Түркияга барып калган боордоштордун абалы тууралуу Кыргыз Жумуриятындагы элге билдирүү ниетинде Түркияга барып келдим. Алар Ван облусунун Эржиш районунун Улуу-Памир айылында жашап жатышыптыр. Хан менен чогуу жүргөн адамдарга жолуктум. Ооганстандагы кыргыздарга мурун бир нече ирет барган элем. Ошолордун абалдары тууралуу айтып бердим. Айрымдарынын сүрөттөрүн көрсөттүм. Мени үйлөрүнө чакырып меймандашты. Көптөгөн суроолорду беришти. Билишимче жооп бердим.

Мен Ооганстанга барып жүргөндө Рахманкул Хан тууралуу сураштырчумун. Ошол фактыларды Түркиядагы боордоштор да айтып беришти жана бир туугандары, балдары, зайыптары, жакындары, үзөңгүлөш жүргөн достору, теңтуштары толукташты. Алар Хан жөнүндө көп нерселерди айтып беришти. 1960-жылы Кабулда Закир Шахтын Рахманкулга «Памирдин пасбаниси», деп чыгарган жарлыгын, 1967-жылы «Рахманкул Хан зоосу» деп Ак-Зоону атагандыгы жана «Алтын жылдыз» медалы менен сыйлагандыгы тууралуу жарлыгын, 1990-жылы 25-июлда Хан өлөөрүнө 10 күн калганда элине жазып калтырып кеткен керээз Катын хандын 4-уулу Акбардын үйүнөн көрдүм.

Үч мамлекетте, тагыраак айтканда Тажикстанда, Ооганстанда жана Түркияда жашап жаткан адамдардан сурамжылап, изилдеп, ушул материалды даярдадым. Рахманкул Хан тууралуу изилдөө али алдыда.

Улуу-Памирге барарым менен Хандын сөөгү коюлган мазарга барып, куран окудум. Бардык балдары, айыл аксакалдары кошо барышты. Хандын мүрзөсүнүн жанында туруп мен анын алдында көп нерсеге өзүмдү милдеттүүдөй сездим…

Эми окурмандарыма Хандын урук-туугандары, үй-бүлөсү тууралуу да кыскача айта кетейин.





Хандын 4 аялы болуптур. Биринчисинин аты Ажар экен. Ал Тажикстандын Мургаб аймагынын Шаймак (Ак-Таш) айылынан. Бул аялын эмнегедир кетирип жибергенден кийин анысы Шаймакка башка бирөөгө турмушка чыгып 1 кыз, 1 уулдуу болуптур. Уулу жашында чарчап калыптыр. Кызынын 2 уул, 2 кызы бар. Алар Майрамбай, Мыйманбай, Бактыгүл, Анаргүлдөр. Төртөө тең Шаймакта жашашат. Ажар эне Шаймакта жашап жүрүп, 1980-жылдын башында ааламдан өттү.

Экинчи аялы Эркебү. Хан ага 1940-жылы 27 жашында үйлөнүптүр. Андан төрт уулу бар. Тун уулу Абдувакил 1938-жылы, экинчи уулу Абдубаит 1948-жылы, үчүнчү уулу Малик 1951-жылы, төртүнчү уулу Акбар 1953-жылы туулган.

Эркебү эне 1965-жылы эң кичүүсү Акбар 12ге чыкканда боору ооруп каза болгон. Сөөгү Ооганстандын Кичи-Памириндеги Кара-Жылга деген айылга коюлган.

Үчүнчү аялы Тонунбүбү. Бул аялынын түбү Кыргызстандын Алай тарабынан болот экен. Андан 3 уул, 1 кызы бар. Чоңу Ариф 1955-жылы туулган. Андан кийин Назир, Насир, Атимбүбү төрөлгөн.

Төртүнчү аялы Бүбүабадан 2 уул, 1 кызы бар. Бүбүаба эне Ооганстандагы Кичи-Памирдин Бозой-Күмбөз айылынан. Анын бир тууган иниси Афанди Кичи-Памирдин эң бай жана кадырлуу адамдарынын бири. Бүбүаба эненин балдарынын аты Абдивали, Мусаддык, Каныкей.

Ошентип, хандын 9 уул, 2 кызы бар. Рахманкул Хан көзү тирүүсүндө Стамбулдан эки кабаттуу үй сатып алып коюптур. Балдары, неберелери Стамбулга келгенде ошол үйдө жашашат. Ал үйдө мен да бир нече күн болдум.

Рахманкул Хандын тун уулдары Абдувакил менен Абдыбаит соода иштеринде. Үчүнчү уулу Малик менен төртүнчү уулу Акбар таланттуу. Алар Вандагы «Жүз жыл» атындагы университетте мугалим. Малик сүрөтчү, Акбар бедизчи. Экөөнүн тең көргөзмөлөрү көп өлкөлөрдө ачылыптыр. Мен барганда Акбар аке бабабыз Манастын, атактуу комузчу, аткаруучу Саламат Садыкованын, атактуу обончу-композитор Рысбай Абдыкадыровдун, кыргыз элинин патриот жигиттеринин бири Камбаралы Бектемировдун айкелин

жасап жатыптыр. Башталышын өз көзүм менен көрдүм.Малик аке болсо тарткан сүрөттөрүн көрсөттү. Анын картиналарынын көпчүлүгүнөн мен кусалыкты байкадым.

Бешинчи уулу Арифти атасына абдан окшош деп айтышты. Ал узун бойлуу, кең далылуу, балбан жигит. Атасы каза болгондон кийин Улуу Памирдин элине башчылык кылган. Хандын калган балдары-кыздары жеке менчик ишканаларды, чарбаларды иштетишет.

Рахманкул Хандын бир тууган иниси Субанкул, карындашы Мария менен Улуу Памирде жолугуп сүйлөштүм. Мария эне Тажикстандагы Мургабдык Камалга турмушка чыккан. Балалуу болушкан эмес. Кийин Мария Ооганстанда, Камал Тажикстандын Мургабында калып, эки тарапка бөлүнүп калышкан. Камал талак бербегендиктен Мария экинчи турмушка чыкпаптыр. Субанкул аке бала-чакалуу, Улуу Памирдин билермандарынын бири.

1991-жылы жайында Кыргызстанда болуп өткөн Курманжан датка энебиздин 180 жылдык маарекесине хандын төртүнчү уулу Акбар келип кеткен. Ал эми 1992-жылы августта Кыргызстанда өткөрүлгөн Бүткүл дүйнө жүзүндөгү кыргыздардын I курултайына бешинчи уулу Ариф чакырылды. Ал Улуу Памирден атайы ала келген улуттук баалуу килемди Кыргызстанга белекке берди. Курултайда трибунага чыгып сүйлөдү. Анын сүйлөгөндөрүн уккандардын көпчүлүгү көздөрүнө жаш алышты. Кыргыз жумурятына көчүп келише тургандыктарын айтты. Албетте, атасы Рахманкул Хандын да максаты, тилеги ушул болчу!





# РАХМАНКУЛ ХАНДЫН КЕНЖЕ АЯЛЫ БҮБҮАБАНЫН КОШОГУ

Акнарын тартып кыядан,
Арман менен күн кечет.
Хан төрөм өттү ааламдан,
Арстаны эле кыргыздын.

Төбөсү эле жылдыздын,
Төрөсү эле кыргыздын.
Чекеси эле жылдыздын,
Чечени эле кыргыздын.

Алты арыштуу коргондун,
Жандамасы хан төрөм.
Алты уруу кыргыздын,
Тандамасы хан төрөм.

Жети арыштуу коргондун,
Жандамасы хан төрөм.
Жети уруу кыргыздын,
Тандамасы хан төрөм.

Жар боюдан жай алган,
Жашыл ала өрдөгүм.
Жаш он беште көргөнүм,
Жакшысы элең элиңдин.

Хан төрөм көзүң өткөнү,
Өлтүргүм келет өзүмдү.
Айнектен түшөт жарыктык,
Ар күнү келет мага карыптык.

Күзгүдөн түшөт жарыктык,
Күнүгө түшөт карыптык.

Канчалык дөөлөт бар болсо,
Хан төрөм бардай болбойт го.

Кызың Каныкей боздосо,
Кайгырсам атам билбейт деп.

Капа болсом да келбейт деп,
Жанына адам тура албайт.

Уулуң Мусаддык боздосо,
Буркурап дартын козгосо.
Кайгырбай кандай кылайын,
Какшабай кандай чыдайын.

Хан төрөм Сиздин барыңда,
Канча жыл өткөн доорум.
Хан төрөм көзүң өткөнү,
Кан болду менин боорум.

Амириң сенин барыңда,
Ашыкча сүргөн дооруң.
Амирим көзүң өткөнү,
Атала болду боорум.

Турултуп тарткан улагым,
Топтоп кылган сурагың.
Айлантып тарткан улагың,
Ааламга кеткен атагың.

Саадагын сайга жөлөгөн,
Сары-Колду шумкар түнөгөн.
Кылычын кырга жөлөгөн,
Ханымды кызыр жөлөгөн.

Белсенип кымкап кийгеним,
Бешиктен назар тийгеним.
Курчанып кымкап кийгеним,
Кучакта назар тийгеним.
Айылда кою чаңдаган,
Айылын көргөн таңдаган,
Алайда бектер тандаган.

Короодо кою чаңдаган,
Короосун көргөн таңдаган,
Кокондо бектер тандаган.

Алты катар лөк өткөн,
Алты атасы бек өткөн.





Жети катар лөк өткөн,
Жети атасы бек өткөн.

Алты өтөгот бир найча,
Алты атасы бек паша.
Жети өтөгот бир найча,
Жети атасы бек паша.

Аргымак минген сайилга,
Алтынын берген кайырга.
Күлүгүн минген сайилга,
Күмүшүн берген кайырга.

Алтындан кабар ээси,
Кадыр түндөй хан төрөм.
Калың журттун болдуң ээси,
Кантейин таштап кеттиң бизди.

Теси кетти белиден,
Ээси кетти элиден.
Күмүштөн камар теси,
Гүлистан ажы хан төрөм,
Күллү журттун ээси.

Теси кетти белиден,
Ээси кетти элинен.
Кыргык кайып куш болот,
Кыргыздан чыккан хан төрөм,
Сендей эми ким болот.
Карчыга кайып куш болот,
Кадыр түндө хан төрөм,
Калкыңа сендей ким болот.

Ак-Төбө чыга жайлаган,
Ак дөнөн үйүрүн байлаган.
Ак туу –боздуу кой айдап,
Базардын жолун даш кылган.

Көк кагазга кат кылган,
Кудайдын сөзүн жат кылган.
Ак таңга пулун сарп кылган,
Атайлап барып ажы кылган.

Алтындан тактым бар эле,
Айдыңдуу ажы барында.
Айдайда бактым бар эле.

Күмүштөн тактым бар эле,
Гүлүстан ажым барында,
Күндөй бактым бар эле.

Кара аргымак дулдулум,
Кара тил чечен булбулум.
Тору аргымак дулдулум,
Торгой тил чечен булбулум.

Ак жибек алсам гүл экен,
Аманат дүйнө шул экен.
Балаада калбайт пандага,
Азкатпайт баары пандага.

Көк жибек алсам гүл экен,
Убара дүйнө шул экен.
Балаада калбайт пандага,
Азкатпайт баары пандага.

Капталдан аккан Кара-Суу,
Кабыктуу кылат арчаны.
Каранда калсын бул өлүм,
Кайгылуу кылат баарыны.

Бурулуп аккан Кара-Суу,
Бутактуу кылат арчаны.
Бул өлүм курусун,
Муңдуу кылат баарыны.

Ачылган кызыл гүл элем,
Атакем берген мүлк элем.
Мүлкүң да калды чөл болуп,
Муңайып ыйлайм сел болуп.

Эрке өскөн кыз элем,
Энекем берген мүлк элем.
Мүлкүң да калды чөл болуп,





Арманың тартып муңайып,
Алганың ыйлайт сел болуп.

Арманың тартып мен кургур,
Азайды акыл-магдырым.
Адашбай бирге кетерге,
Аллахым андай жазбаптыр,
Азалуу менин тагдырым.

Күйүтүң тартып көп ыйлап,
Куруду мекен магдыры.
Кошулуп бирге кетээрде,
Кудайым сендей жазбаптыр,
Куруду менин тагдырым.

Бала экенден кошулган,
Башыма конгон бакытым.
Мурун мен өлсөм дейт элем,
Жок экен менин ажалым.
Алтындан калем колго алып,
Молдо элең хан төрөм.
Акимдар мажлис кылганда,
Шондо элең хан төрөм.

Күмүштөн калем колго алып,
Молдо элең хан төрөм.
Катталар мажлис кылганда,
Шондо элең хан төрөм.

Хан төрөм Сизди мен айтсам,
Алтындан күрсү койдурган.
Атайлап келген мейманга.
Аябай койун сойдурган.
Алпештеп баккан балдарың,
Аргымак оозун гойдурган.

Хан төрөм Сизди мен айтсам,
Күмүштөн күрсү койдурган.
Түрүлүп келген мейманга,
Күнүгө койун сойдурган.

Үлпаттап баккан балдарың,
Күлүктүн оозун гойдурган.

Хан төрөм сенин барыңда,
Каттап да тонду кийгемин.

Каткырып күлүп жүрчү элем,
Хан төрөм көзүң өткөнү,
Карала болду кийгеним.

Ай тийген тоонун боорунда,
Ак кептер түнөп багына.
Арманың тартып ыйласам,
Амирим кайдан табылат ?

Алыскы жолдон кайтып кел,
Каныкей ыйлап сагынат.
Күн тийген тоонун боорунда,
Көк кептер түнөп багыңа,
Күйүтүң тартып сагынам.

Күн тарап кайдан табылат,
Күн өткөрбөй кайтсаңчы,
Балдарың ыйлап сагынат.

Кайрылып учуп конбогон,
Карчыга конду кашыма.
Канча ыйласам түштө жок,
Карыптык түштү башыма.

Тоорулуп учуп конбогон,
Турумтай конду кашыма.
Түн уктасам түштө жок,
Тулчулук келди башыма.

Карчыга баары гайыптан,
Кандай бир бүткөн хан төрөм,
Бүна бир болбойт зайыптан.

Турумтай баары гайыптан,
Туйгун бир бүткөн хан төрөм,
Туулбай эми зайыптан.

Кыска бир кызык кызыл көр,
Кыз алган бейбак мен шордууу,
Кыяматта кошуп ал.





Айры бир өркөч айры нар,
Тар кыяда тартып ал.
Түгөнгөн бейбак мен шордуу,
Кыяматта кошуп ал.

Арабча чатыр тиктирген,
Ажыга өзүн билдирген.
Айдыңдуу өткөн хан төрөм,
Мекеге чатыр тиктирген,
Байтиллага билдирген.

Алтын ээр жез көмкөр,
Күлүк аттын көркү эле.
Күн тийгендей хан төрөм,
Күлаң кыргыз көркү эле.

Хан төрөмдү мен айтсам,
Суутуп Сурга байлаган,
Субайын Кабул айдаган,
Каңтарып күлүк байлаган,
Калганын Кашкар айдаган.

Каттап бир койгон даргага,
Кайры тийген баарыга .
Паашайы койгон даргага,
Пайдасы тийген баарыга.

Капчалдын башы эки ай суу,
Ээрибей катып тургансып.
Калкымдан кайда кетти деп,
Жалгыз бир иниң ыйлады.

Куран окуйт балдарың,
Куса болду алганың.
Дуба кылат балдарың,
Дубана болду алганың.

Аргымак аттын чылбырын,
Дүбүр угам хан төрөм.
Алланын салган күнү экен,
Сенден калган балдарга ,
Шүгүр кылам  хан төрөм.

Тобурчак атын чактырып,
Дүбүр угам хан төрөм.
Кудаанын салган күнү экен,
Тогуз уулуң бар экен,
Шүгүр кылам хан төрөм.

*(Автордон: кошок кыскартылып берилди)*





# РАХМАНКУЛ ХАНДЫН ӨМҮРҮНДӨГҮ ТАҢ КАЛААРЛЫК ОКШОШТУКТАР



Рахманкул Хан. Стамбулдагы мамлекеттик жыйындан кийин. 1990-жыл.

- Рахманкул Жапаркул уулу 1913-жылы августта Тажикстандагы Мургаптын Тамчы-Булак айлында жарык дүйнөгө келген.
- 1922-жылы августта Рахманкул 9 жашында ата-энеси, туугандары менен Ооганстандын Кичи-Памирине өтүп, балалык кези ошол жакта өткөн.
- 1942-жылы августта Рахманкулга, атасы Жапаркул миңбашыга Советтик чек-арачылар Кичи-Памирде уу ичиришкен.
- 1943-жылы августта атасы ошол уудан жапа чегип өлгөн.
- 1946-жылы августта Рахманкул Кичи-Памирге Кариядар (Эл башчы) болуп дайындалган.
- 1948-жылы августта Советтик чек-арачылардын, чекисттердин куугунтугунан Кытайга качкан.
- 1949-жылы августта Ооган мамлекетинин башчысы Закир Шахтын өкүлү Кытайдын Даң-Башы айылында жашап жаткан Рахманкулга барып, кайра кайтуусун өтүнгөн.
- 1950-жылы августтун орто ченинде Кытайдан кайра Кичи-Памирге кйткан.
- 1950-жылы августтун аягында Кичи-Памирге кайрадан Кариядар болуп дайындалды.
- 1959-жылы августта Ооган мамлекетинин башчысы Закир Шах Бадахшан аймагын кыдырып, Памирге да барып, ооруп калып кайра Кабулга кайткан. Кайтаарында Кичи-

Памирдин Эл башчысы Рахманкулду кийинки жылы Кабулга келүүсүн табыштаган.

- 1960-жылы августтун ортосунда Рахманкул Кабулга барып Закир Шахтын кабыл алуусунда болгон. Ошол күнү Закир Шахтын Жарлыгы менен Памирдин Паспаниси (Памирдин ээси)-Памирдеги кыргыз түрктөрүнүн Ханы болуп дайындалган.
- 1960-жылы августтун аягында Памирде кыргыз түрктөрү Рахманкулду Ак кийизге отургузуп, Хандыктын жол жобосу боюнча аны Хан көтөрүшкөн.
- 1967-жылы августта Закир Шахтын жарылыгы менен Кичи-Памир, Чоң-Памир, Вахан үчөөнүн кошулушкан жериндеги Ак-Зоо «Рахманкул Хан Зоосу» деп аталган жана жогорку даражадагы «Алтын жылдыз» ордени менен сыйланган.
- 1978-жылы 3-августта Ооган мамлекетинин Жаңы Өкмөтүнөн чочулап, ээрчиген эли менен Пакистанга качып өткөн.
- 1981-жылы августта Америкага Аляскадан жашоо үчүн жер сурап кат жазган.
- 1982-жылы 8-августта Түркиянын Адана шаарына учуп барышкан.
- 1982-жылы 13-августта Түркиянын Кара-Кундуз кыштагына жана Малатия шаарынын чекесине отурукташышкан.
- 1987-жылы 30-августта Алтын-Дара айылында Оогандык кыргыздар үчүн алгачкы официалдуу жыйын өткөрүлгөн. Ошол жыйында Рахманкул Хан Алтын-Дараны Улуу-Памир деп атоону сунуш кылган. Ошол күндөн тартып, айыл Улуу-Памир деп аталып калган.
- 1990-жылы 6-августта түнкү саат 2де Рахманкул Хан Түркиянын Арзурум шаардык ооруканасында жарык дүйнө менен коштошкон.
- 1990-жылы 7-августта сөөгү Арзурум шаарынан Улуу-Памир айлына жеткирилген.
- 1990-жылы 8-августта түштө Улуу-Памирдеги мүрзөгө коюлган.





- Рахманкул Хандын тажиясы 1990-жылдын 7-8-9-10-11-августтарда 5 күн бою өткөрүлгөн.

# СҮРӨТТӨР ТАРЫХТЫ ТАКТАЙТ




Рахманкул Хан Түркияда. 1988-жыл.







Рахманкул Кариядар болгондон кийин достору менен.
Ооганстан. Кичи-Памир. 1946-жыл, август.



Хандын 3-аялы Токтобүбү жана эң кичүү 4- аялы Бүбүаба.
1992-ж. Түркия. Улуу Памир.




***Француз окумуштуусу Реми Дор Кичи-Памирде.***




***Оогандын Кичи-Памиринде АКШлык окумуштуу Назиф Шахрани айыл аксакалдарынын бири Айтбий менен.***







***Абдулалим 1955-жылы туулган. Ал Пакистанда Рахманкул Хандын эң ишенимдүү жардамчысы - Кариядар болгон.***



***Ооганстандан Пакистанга качып барганда балдар урду тилинде окуган***




Кичи-Памирдин жайлоосунда. Ооганстан.



Түркиядагы Улуу Памир айылынын көрүнүшү.








Барахан карыя Рахманкул Хандын кайнагасы 110 жашка чыккан.
Түркия, Улуу Памир. 1992-жыл, август.



Рахманкул Хан өмүрүнүн акыркы күндөрүндө уулдары
Абдувакил жана Малик менен.




Рахманкул Хан Америкада иштеп жаткан өзбек окумуштуусу Назиф Шахрани менен. Түркия.



Хандын 4-уулу скульптор Акбар.







Ариф Ислам - Абаддан Америкага атасы Рахмакул Хан менен учаар алдында сүротко түшкөн. 1982-ж.



Рахманкул Хандын 5-уулу Арифтин үй-бүлөсү. Түркия. 1984-жыл, август.




*Түркияда жашаган Оогандык кыргыздар Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болушун белгилөөдө. Сүйлөп жаткан Хандын бажасы Жумабай.*




*Рахманкул Хандын уулдары. Улуу Памир. 1992-жыл.*









*Хандын сүрөтчү 3-уулу Малик. Стамбулда түшкөн.*



*Хандын скульптор 4-уулу Акбар Кара-Кундузда түшкөн.*



*Автор ортодо. Хандын чоң уулу Абдивакил жана анын туугандары менен.*
*Түркия. Улуу Памир. 1992-жыл, август.*



*Хандын тун уулу Абдивакилдин уулу Эркин кийинки огой апасы менен. Түркия. Улуу Памир. 1992-жыл, август.*



*Автор (ортодо) Улуу Памирдин тургундары жана райондун жетекчиси менен.*







*Түркиядагы Алтын Дара айылын Улуу Памир деп атоого арналган мааракe. 1987-ж. 30-август.*



*Автор Рахманкул Хандын уулдары менен (ортодо). Түркия. Улуу Памир. 1992-жыл, август.*



Хандын тун уулу Абдивакил менен автор.
Түркия. Улуу Памир. 1992-жыл, август.



Хандын бажасы Жумабай үй-бүлөсү менен (ортодо автор).
Түркия. Улуу Памир. 1992-жыл, август.







Рахманкул Хандын бир тууган иниси Субанкул жана карындаштары.
Улуу Памир. 1992-жыл, август.



Рахманкул Хандын неберелери. Түркия. 1992-жыл.



*Келин-кыздар: ак түстөгү жоолукчандар – келиндер, кызыл түстөгүлөр – кыздар. Түркия. Улуу Памир. 1992-жыл, август.*



*Рахманкул Хандын келин-кыздары. Түркия. Улуу Памир. 1992-ж.*





## АЛМАЗ НУРДИНОВ

1957-жылы 27-октябрда Ош облусунун Алай районунун Жошолу кыштагынын Миязды (Кырнайза) айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1980 жылы Кыргыз Мамлекетгик Университетинин журналистика бөлүмүн бүтүргөн.

1982-жылы Ош облустук «Ленин жолу» (азыркы «Ош жаңырыгы») гезитине катардагы кызматкер-корректор болуп кызматка алынган. Ал гезитте кабарчы, бөлүм башчы, жооптуу катчынын орун басары, жооптуу катчы болуп иштеген. Республикалык «Кыргыз Руху» гезитинде түштүк аймагы боюнча кабарчы, республикалык «Боордош» эркин гезитинин башкы редактору болгон. 2006-жылдан бери Ош облустук «Ош жаңырыгы» гезитинин башкы редакторунун орун басары. 2007-жылы 17-октябрда Кыргызстан Журналисттер союзунун Ош облустук бөлүмүнүн төрагасы болуп шайланган.

Жазуучу жана журналист А. Нурдинов Кыргызстан Компартиясынын Ош облустук комитетинин, Кыргыз Республикасынын Журналисттер союзунун, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин, Ош облустук мамлекеттик администрациясынын жана Тажикстандын Тоолуу Бадахшан автономиялуу облусунун турмушун такай чагылдыргандыгы үчүн Тажикстандын Мургаб райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

Журналисттердин «Алтын калем» конкурсунун, «Сорос - Кыргызстан» эл аралык фондусунун жана республикалык, облустук конкурстардын бир нече жолку жеңүүчүсү.

Баткен коогалаңын басма сөздөрдө оперативдүү жана реалдуу чагылдыргандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасына татыктуу болгон.

Россиядагы Ооган согушунун ардагерлеринин «Ата Мекен алдындагы кызматы үчүн» медалы, 2007-жылы Россия Федерациясынын Иркутск облустук «Дружба» Кыргыз улуттук-маданий коомдук уюмунун грамотасы жана «Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыктысы» төш белгиси менен сыйланган.

2010-жылы Алай райондук Кеңешинин депутаттарынын чечими менен «Кыргыз Республикасынын Алай районунун ардактуу атуулу» болгон. Кыргыз Республикасынын Жазуучулар жана Журналисттер союздарынын мүчөсү.

50с..

# АЛМАЗ НУРДИНОВ

# РАХМАНКУЛ ХАН - АКЫРКЫ ХАН

*Даректүү баян*

Башкы редактору: **Жапаркул Ташиев,** *КРнын Журналисттер союзунун мүчөсү, коомдук ишмер*

Редакторлору: **Апсатар Султанов, Давут Эгемкулов,** *КРнын Журналисттер союзунун мүчөлөрү*

Техн. редактору: **Муктар Маматалиев,** *полиграфист*

Корректорлор: **Атакул Жалилов, Эркин Бакиров,** *КРнын Журналисттер союзунун мүчөлөрү*

Компьют. жасалгалаган: **Октом Жакыпов**

Терүүгө 18.07.2013-жылы берилди.
Басууга 23.07.2013-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 1/16.
Көлөмү 5,5 басма табак. Нускасы 200. Буюртма № 217
«Ошбасмакана» АК офсеттик ыкма менен басылды.

Ош шаары. Курманжан датка көчөсү-209.